# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №4 (314) | 29. 04. 2025. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru

## "КЫРГЫЗСТАН – ЖАЛПЫБЫЗДЫН ҮЙҮБҮЗ", - ДЕШЕТ, А ЭМНЕГЕ "КЫРГЫЗ ТИЛИ – БААРЫБЫЗДЫН ТИЛИБИЗ"- ДЕШПЕЙТ?!



*Кайсы элдин жерин жердесең, ошол элдин ырын ырда*

*Кыргыз эл макалы*

# Эми кыргыз тилин үйрөнүү кыйла жеңилдеди

Кыргыз тилин окутуу платформасы

Эми, кыргыз тилин үйрөнүү кыйла жеңилдеди.

КРнын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер Батма Топоева-Ставинская тарабынан "Кыргыз тилди санариптик окутуу" платформасы иштелип чыкты. Бүгүн Ысык-Көл дубанындагы агартуучуларга аталган окутуу платформасынын өзгөчөлүктөрү белгиленип, баштапкы деңгээли колдонууга берилди.Жаңы санариптик окутуу платформасы кыргыз тилин билбегендер үчүн жакшы мүмкүнчүлүк. Мында, окуу материалдары аудио жана тексттик форматта сунушталып, колдонуучулар сөзүн окуп, угуп, айтып үйрөнүүгө толук шарт түзүлдү. Ошондой эле текст аркылуу билимин текшере алышат.



Платформанын өзгөчөлүгү: кыргыз, орус, англис, түрк жана кытай тилдеринде берилген. Система 4 негизги бөлүктөн турат. Анда А1, А2, В1, В2 деңгээлдерин иштеп чыгуу каралган. Учурда А1 деңгээли колдонууга берилди. Санариптик окутуу кж(kg) сайтынын колдонуучулары үчүн маалымат 3 тилде берилген. Платформада жалпы 4032 баракча, 1063 сөз, 1146 сүрөт жана 2389 аудио бар. "Кыргыз тилди санариптик окутуу" платформасынын таанытымы КР Президентинин Администрациясы тарабынан сунушталып, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулуп, кыргыз тилин жайылтуу максатын көздөйт.

## "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик": Уңгужолго арналган көргөзмө өттү

24-апрелде Кыргыз Республикасынын Президентинин №369 "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" Уңгужолу жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруу максатында Кыргыз мамлекеттик С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайында "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" темасындагы көргөзмөнүн ачылышы болуп өттү.

Бул көргөзмө улуттук баалуулуктарды жайылтуу, жаштар арасында мекенчилдикти, улуттук рухту бекемдөө жана маданий мураска болгон сыйурматты арттыруу максатында уюштурулду. Уңгужол – бул кыргыз элинин руханий жаңылануусунун, улуттук өзүнчө мүнөзүнүн жана келечекке болгон ишениминин символу.

Иш-чарада Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев катышып, Уңгужолдун концепциясы, анын коомдогу орду жана улуттук идеологиядагы мааниси тууралуу баяндама жасады.

Көргөзмөгө жаш сүрөтчүлөрдүн, устаттардын жана искусствону сүйүүчүлөрдүн эмгектери коюлуп, аларда улуттук салттар, тарыхый каада-салттар жана заманбап искусствонун айкалышы көркөм чагылдырылды.

Кыргыз элинин маданиятынын тарыхында 90 жылдан ашуун из калтырган Кыргыз мамлекеттик С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы бүгүнкү күндө да улуттук сүрөт өнөрүн өнүктүрүүдө өзгөчө мааниге ээ. Бул окуу жай – сүрөткө дилгир жаштарды тарбиялап, замандын талабына жооп берген дизайнер, искусство мугалими, сүрөтчү-чебер сыяктуу адистерди даярдап келе жаткан, терең салтка ээ билим берүү мекемеси.







## Мамлекеттик тилди колдонууга байланыштуу мыйзам долбоору биринчи окууда жактырылды



21-апрелде, Жогорку Кеңештин Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитетинин жыйынында «Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору жана ага байланыштуу конституциялык мыйзам долбоору каралып, биринчи окууда жактырылды.

Мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан иштелип чыгып, комитетке Комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев тарабынан сунушталды.

Бул өзгөртүүлөр мамлекеттик тилди колдонуу боюнча ченемдерди «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» конституциялык мыйзамга ылайыкташтыруу максатын көздөйт.

Комитет төрагасы Улан Примов талкуу учурунда мыйзам талаптары бузулган учурларда жарандарга жана мекемелерге алгач эскертүү берилип, андан соң гана жоопкерчилик каралышы керектигин баса белгиледи. Бул норма Укук бузуулар жөнүндө кодекстин 108-1-беренесинде каралганын баяндамачы Мелис Мураталиев кошумчалады.

Мамлекеттик тилди натыйжалуу колдонуу жана мыйзамдык база аркылуу тил саясатын ишке ашыруу багытындагы бул кадам коомдук жана расмий чөйрөдө мамлекеттик тилдин ордун бекемдөөгө багытталган.

## Төрага Мелис Мураталиев КМУнун 80 жылдыгына карата эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты



2025-жылдын 23-апрелинде И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасы тарабынан "Билим берүүдөгү философиянын дүйнө караштык жана методологиялык функциялары" аталышындагы эл аралык илимий-практикалык конференция өттү.

Конференциянын негизги багыттары төмөнкүлөр болду:

- Билим берүү ишмердүүлүгүндөгү философиянын методологиялык функциялары;
- Ааламдашуу процессинин билим берүү системаларынын дүйнө караштык негиздерине тийгизген таасири;
- Философия жана студенттердин инсандык өнүгүүсү.

Иш-чаранын алкагында Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын төрагасы Мелис Мураталиев "Кыргыз дүйнө таанымы" темасында баяндама жасап, кыргыз философиясынын терең тамырлары, улуттук дүйнө таанымдын баалуулугу жана билим берүү менен тил саясатынын айкалышы тууралуу кенен пикир бөлүштү.

Конференцияга Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын өкүлдөрү, республикадагы жана чет өлкөлөрдөгү философ-окумуштуулар, илимий мекемелердин жана жогорку окуу жайлардын профессор-окутуучулары катышты.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)

29 04 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Таабалды Эгембердиевдин жазуучулук өнөрү жана анын курч калеминен жаралган асыл ойлор



**Дыйканбек ШАМШИДИН уулу, тарыхчы, "Супара" этнокомплексинин илимий кызматкери**

Тарых барактарына өчпөс из калтырып, элге эмгеги сиңген адамдардын баарында башкалардан айырмаланган адаттан тыш бир өзгөчөлүк болот экен. Алар өмүр бою изденет, жан дүйнөсүндө дайыма ак менен каранын, жакшы менен жамандын айыгышкан күрөшү жүрөт. Дал ошол көкүрөгүндө жаткан толгонууларын, түйшөлткөн ойлорун кагаз бетине түшүрүп жазган күндөлүгүнө чагылдырышат. Алсак, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө зор салымын кошкон Жусуп Абдрахманов, Исхак Раззаков өңдүү залкар адамдар күндөлүк жазышкан. "Шоро" компаниясы, Супара, Чуңкурчак этнорезорту жана Супара этнокомплексин куруп кеткен кыргыз элинин сыймыктуу уулу Таабалды Эгембердиев да күндөлүк жазган экен. Күндөлүктөрүн окуган адам жаратман инсандын жан дүйнөсү аба ырайы өңдүү өзгөрүп, бирде чайыттай ачылып, бирде бурганак-бороон каптап турганын сезет. Мисалы, 1989-жылы 1-майда күндөлүгүндө мындай деп жазат: "Бүгүн майрам, элдин баары майрамдап жүрөт, мен болсо камактагы кишиге окшоп үйдө үргүлөп отурам. Башымда эчтеке жок. Жан дүйнөм жабыркап, келечегим бүдөмүк тартат? Деги мен киммин? Жарык жолду кантип табам? Ал үчүн эмне кылуу керек?". Мына ушул саптар Таабалды Эгембердиевдин ошол учурдагы жан дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу абалды, түңгүюктан жол издеп, жаңы багытка талпынган умтулуусун чагылдырып турат. Ар бир жашоого келген адам издениш керек, өзүнүн ички "мен" деген чындыгы менен бетме-бет чыгышы керек экендигин айгинелеп турат. Жогоруда айтылган күндөлүгүнүн андан аркы бөлүгүн төмөндөгүчө улантат: "Кантсе да бир нерсеге көзүм жетти. Бир нерсени керектөө жана бир нерсени жаратуу деген эки башка нерсе экен. Айырмасы асман менен жердей. Мен болсо жан дүйнөнүн керектөөчүсү экенмин. Өзүмдүн муктаждыгыма жараша. Ал эми кандайдыр бир нерсени жаратуу - бул таптакыр башка. Муну Жараткан өзү тартуу кылат. Менин жан дүйнөм азык издеп, жабыркап, бир нерсени эңсеп турат. Канча бир жаратман эмгектерди жаратып тургум келет". Дал ушундай ойлор Таабалды Эгембердиевдин жан дүйнөсүнө тынчтык бербей, ар дайым бушайман кылгандыгын байкасак болот. Ички түпкүрүндө канча жылдан бери топтолуп келген идеясы бышып жетилип, караңгыдан жол издеп жаткандай сезилет. Ар бир адам дүйнөгө келгенде руханий жана материалдык керектөөлөргө кааласа-каалабаса да муктаж болот, ал эми бир нерсени жаратуу, түзүү бардык эле адамдын колунан келе бербейт. Ага көпчүлүктүн көөдөнүн ачкан келечектүү идея, талыкпаган, кужурмөн эмгек, бекем ишеним керек экендигин Таабалды Эгембердиевдин өрнөктүү өмүр жолу көргөзүп турат.

Таабалды Эгембердиев өзүнүн жазган күндөлүктөрүндө ошол кездеги коомдогу өзгөрүүлөр, саясий абал, чиеленишкен сталиндик репрессиянын курмандыктары жөнүндө да кеп салган. Мисалы, 1989-жылы 15-июнда "Акыйкат-Справедливость" коомунун сталиндик репрессиянын курмандыктары жөнүндөгү отурумуна катышкандыгын жазат. Анда, канча жылдан бери ачыкка чыкпай келген чындыкты калыбына келтириш керек экендигин баса белгилейт.

"Чыныгы эл депутаты кандай болуш керек?", - деген ой толгоосунда Таабалды Эгембердиев чыныгы эл өкүлүнүн жүзүн төмөндөгүчө сүрөттөйт. Депутаттын эң башкы сапаты – билими, интеллекти, жогору маданияты, демократиялуулугу, жогору адеп-ахлагы, көз карандысыздыгы, шайлоочулардын алдында өзүнүн жогорку жоопкерчилигин сезе билүү. Конформизмден, бирөөгө ыктап алуудан алыс болуп, жеке кызыкчылыкты көздөбөй, менменсинбей, кыскасы, төрт тарабы төп келип, бардык жагынан компетенттүү болуш керек". Бул таасын айтылган ойлор азыркы күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет. Эгемендүүлүктү алгандан кийин кандай гана адамдар эл өкүлү болгон жок. Алардын баары ушул талаптарга жооп бере алабы? Алар жалпы элдин атынан алган жоопкерчиликти кайсы деңгээлде ишке ашыра алышты? Бизге идеалдуу болуп көрүнгөн, аталган критерийлерге жооп берген эл өкүлү чыгабы? Түмөн-түркүн ойлор жаралат. Бул, шайлоо укугуна ээ ар бир адамдын өзүнүн жарандык милдетин кандай жоопкерчилик менен аткаргандыгына түздөн-түз байланышат десек болот. Ал эми Таабалды Эгембердиев ошол мезгилдеги депутаттардын алып барып жаткан иши туурасында минтип жазган экен: "Чындыкты моюнга алыш керек, парламент барган сайын өсүүдө. Бирок такай иштесе, андан бетер өсмөк. Парламент туруктуу иштебегендиктен, мыйзам жазуу милдетин деле толук аткара алган жок. Президенттин аппараты орусча жазып, кыргызча сөзмө-сөз которуп койгон, түшүнүүгө кыйын мыйзамды кечинде алып, эртеси жонунан добуш берип, маанилүү маселе көз жаздымда калып, маанисиз маселелерге убакыт сарптап "эгин себебиз, кеттик, кокуй", "эгин оробуз, кеттик, кокуй" болуп, келгенинен кеткени бат бул Парламент оңолбосо, ишибиз оңолбойт. Канчалаган мыйзамдар дал ушул сүрөттөгөй, жарым-жартылай талкууланган абалда кабыл алынгандыгы эч кимге деле жашыруун эмес. Ал гана эмес, бир күндө бир нече мыйзам кабыл алынганын саясат таануучулар азыркы күнгө чейин айтып жүрүшөт. Мына ошондуктан, жалпы элдин кызыкчылыгы депутаттардын көбүнүн кайдыгер мамилесинин курмандыгына айланган.




Депутат жалпы элдин үмүт артып шайлаган өкүлү болгондуктан, жоопкерчилик болуп көрбөгөндөй чоң экендигин Таабалды Эгембердиев өзүнүн берген интервьюларында баса белгилеп кетет. Окурмандардын: "Сиз эмне үчүн депутаттыкка талапкерлигиңизди койбой жүрөсүз?", - деген суроосуна: "Эки тоонун башын тиктеген теке ачкадан өлүптүр", - дегендей, менин бизнестен колум бошобой жүрөт. Анан депутат болуп алып, өз кызыкчылыгым үчүн мамлекеттин эсебинен 60 миң сомго телефондон сүйлөшүп жүрүш менин моралдык принципиме туура келбейт. Азыркы депутаттардын баары жанын жеп, эл үчүн кызмат кылууга убада кылып келишкен", - деп жооп берген экен.

Таабалды Эгембердиев кыргыз элине депутат болуу менен эмес, бизнес аркылуу кылымдын долбоорлорун ишке ашыра аларын ошондо эле ички туюмунда сезсе керек. "Бизге миң депутат эмес, бизге миңдеген бизнесмен керек", - деп айтып өткөн жайы бар. Чынында эле, эгемендикти алгандан кийин базар экономикасына өткөн кыргыз эли алапайын таппай, жумушсуздук болуп көрбөгөндөй өсүп, чет өлкөгө мигранттар агылып турган мезгилде элдин арасынан чыккан бизнесмендер гана Советтер союзунан калган алсыз экономикага аз да болсо жан киргизгендиги баарыбызга маалым.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Таабалды Эгембердиев республикалык гезит-журналдарга кыргыз жана орус тилдеринде саясат, демократия, эркиндик жөнүндөгү макалаларын баймабай жазып турган. Коомдогу талаш-тартыштар, демократтар менен коммунисттердин ортосундагы өз ара тирешүүлөр, коррупция жөнүндө өзүнүн таамай, курч пикирлерин камтыйт. Акаев бийликке келгендеги алгачкы жылдары жаңыдан коррупция тамыр жайып баштаганын байкаган Таабалды Эгембердиев биринчи демконгрессте Аскар Акаевге мындай деп кайрылган экен: "Жок дегенде көргөзмө катары бир коррупционерди карматып койсоңуз!". Муну менен ал коррупционерлерди сагызганга окшоштурат. Сагызгандан кутулуш үчүн анын баарын кырып кереги жок, бирөөнүн эле канатын сындыра атып туруп, короонун четине илип койсоң, калганы коркуп жолобой калат. Ушул ар бир койчу түшүнгөн нерсени биздин президент түшүнбөй койду", - деп жазат.

Ошол мезгилде коомдук пикирди жаратууда гезит-журналдардын таасири абдан чоң болгон. Мындан улам президенттин кетирип жаткан катасын таймаңбай, сөздүн күчү менен таамай жеткирүүгө биринчиден, эрк, экинчиден, өз кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын бийик койгон мекенчилдик сезим керек деп ойлойм.

## Эркиндик, демократия

Таабалды Эгембердиевдин өзүнүн макалаларында эркиндик жана эркиндиктин биздин жашообуздагы орду, жарандардын милдеттери жөнүндө сөз кылат. Мисалы, "Республика" гезитине жарыялаган макаласында "Эркин болуу менен эркин боло билүү" эки башка нерсе экендигин, эркиндик деп кыйкырган жагынан, жадагалса, Американы да озуп өттүк, бирок ,сөз эркиндиги деп, оозуна келгенди жаза берген журналисттик этиканы сактабагандар жөнүндө кыйытып кеткен. Бул көйгөй - андан бери канча жыл өтсө да, дагы деле коомдо бар экендиги өкүндүрбөй койбойт. Эркиндик, демократия - каалаганын кылып, "Өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илүү", - дегенди түшүндүрбөйт. Демократиялык өлкөдө жашап жаткан жаран укугун да, ошону менен катар өзүнүн жарандык милдетин да билиши керек эмеспи.

Таабалды Эгембердиев 1992-жылы "Майдан" гезитине жарыялаган макаласында демократия туурасында мындай деп жазган: "Көбүбүз демократияны анархия менен алмаштырып жүрөбүз. Демократия – эң ириде, мыйзамга баш ийген бийлик диктатурасынын темирдей тартиби".

## Таабалды Эгембердиевдин Америкада окуган докладында эмнелер жазылган?

1993-жылы 26-27-апрелде Американын Вашингтон шаарында "Жаңы доордогу демократия чакырыктары" аттуу бүткүл дүйнөлүк конференция өткөрүлөт. Дүйнөнүн булуң-бурчунан келген 117 делегаттын арасында Кыргызстандын атынан жалгыз Таабалды Эгембердиев болгон. Дал ушул Америкага болгон сапарын окурмандарга өтө кызыктуу кылып баяндап, баргандан келгенге чейинки таасирлерин "Кыргызстан маданияты" гезитине жарыялаган. Ал эми, Эл аралык илимий конференцияда окуган макаласын журналисттер жактырышып, атайын интервьюга чакырышат. Ал интервьюда "Улут жана эркиндик" деген темада кызуу талкуу жүрөт.

*(Уландысы 10-бетте)*



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Тил – Уңгужолдун өзөгү



**Назаркул ИШЕКЕЕВ, Ж.Баласагын атындагы КУУнун проректору, педагогика илимдеринин доктору, КР УИАнын корр.-мүчөсү, профессор**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров 2024-жылдын 18-декабрында “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу жөнүндө” Жарлыкка кол койду. Аталган Уңгужолдун негизги максаты – мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу аркылуу нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандыруу менен кубаттуу, бакубат, жаркын мамлекет курууга умтулуу.

Аталган Жарлык Кыргыз Республикасында жашаган бардык этностордун ынтымагын, биримдигин чыңдоого, алардын кыргыз жараны болуу сыймыгын жаратууга, кыргыз элинин улуттук наркөрнөгүнүн жана заманбап талап-тилектеринин негизинде адамдардын өз өлкөсүнө кызмат өтөөгө болгон ышкысын арттырууга алтын булак болуп каларына терең ишенем.

Адилеттүүлүк, абийирдүүлүк, боорукердик сапаттар менен бирге, мамлекеттин коопсуздугун көздүн карегиндей сактоо, өлкөнүн келечеги үчүн ишеним жаратууга жана ага ак дилден кызмат кылууга шыктандыруучу идеологиялык күч-кубат, дем-кайрат - бул Жарлыкта кенен жана терең берилгендигин таасын баамдадым.

Ошондуктан Уңгужолду ар бир адамдын жүрүм-турумун жана ой жүгүртүүсүн аныктоочу ынанымдардын, адеп-ахлактык баалуулуктардын жана таянымдардын тутумун мүмкүн болушунча калыптандыруучу саясий өзөк, негиз катарында ар кимибиз илим, билим берүү, таалим-тарбия процессинде жигердүү да, эпкиндүү да колдонушубуз абзел.

Өзүнүн өлкөсүн, коомун, үй-бүлөсүн сүйгөн, улуттук иденттүүлүгүн айкындаган, ошондой эле, мамлекеттин экономикалык өсүшүн жана анын коопсуздугун камсыздаган, жоопкерчиликтүү жарандардын жаңы муунун окутуу менен тарбиялоо - биздин алдыбызда турган ыйык жумуш экендигин жакшы түшүнөбүз.

Уңгужолдо өлкөбүздүн азыркы абалы, негизги таянымдары, максаты, милдеттери, күтүлгөн жыйынтыктары, негизги багыттары, кыргыз жаранынын түйүндүү баалуулуктары жана андагы ылым чакырыктарына байланыштуу иш пландарды иштеп чыгуу менен, окутуучулардын жана студенттердин арасында кең-кесири түшүндүрүү, талдоо, насыйкаттоо иштерин активдүү, жоопкерчиликтүү колго алышыбыз - учурдун таамай талабы экендигин университеттердин окутуучу-профессорлору туура түшүнүшөт деген ойдомун. Анткени Уңгужолдун негизги максаты – мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу экендиги ачык жазылган.

Тарыхтын өкүмү күч жана оош-кыйышы чексиз. Борбордук Азияда нечендеген этностор жана уруулар жашап өтүшкөн. Тарыхтын тарыхый драмасында тыңдары хан ордосун курушкан. Алсак, байыркы гунндар 300 жыл, сиянбилер, тобалар, түрктөр, кидандар 200 жыл, жужандар 150 жыл кылыч-найза ойнотуп, тулпар туяктарын дүңгүрөтүп бийликте турушкан.

Кыргыздар Борбордук Азияда 80 жылдай хан тактысында көк асабасын желбиретти. Ошончо көчмөн элдердин ичинен биздин заманга чейинки доордон бери эң узак өмүр сүрүп, тарыхта изин өчүрбөй келе жаткан көөнө калктын сыры эмнеде болду экен?

Көрсө, байыркы бабалардын тили, алардын тарыхы менен тарыхый эс тутуму, салт-санаасы менен маданияты, тутунган тууру менен Мекени, материалдык дөөлөттөрү, “Манас” эпосунан гениалдуу Чыңгыз Айтматовго чейинки рухий-философиялык даанышмандыгы, ошондой эле, табият менен жаратылыштын көмөгү, акыйкатта, 21-кылымга жеткирди.

Ар бир этнос өз эне тилин ыйык жана касиеттүү деп эсептейт, анткени ал эненин сүтү менен келет. Анда этностун өткөнүн, бүгүнкү күнүн жана келечегин жалпылаштырган рухий күч-кубаты менен улуттун акыл-эси, аң-сезими жатат.

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары макамга ээ болушу - көз карандысыз, эгемендүү мамлекетти куруунун ишенимдүү жана чечкиндүү кадамы болгон.

Улуттук тарыхый демилге - ал мезгилде интеллигенцияга таандык болгон. 1989-жылы Совет империясы менен анын тоталитардык бийлиги али күүсүнөн таа элек мезгилде “Кыргыз ССРинин Мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамынын иштелип чыгып, кабыл алынышы чоң тобокелдикти жана зор эрдикти талап кылган.

Бүгүн биз элибиздин эгемендиги менен республикабыздын өз алдынча мамлекеттүүлүгүнө чыйыр салган бул ишти түптөөчүлөрдүн бардыгына башыбызды ийип, таазим этүүгө милдеттербиз.

Ошол учурда эч ким батынып, ачык айтып чыга элек маселени, биздин чакан республикада орошон ойчулубуз, даанышман инсаныбыз, залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов тарабынан көтөрүлүп, бардык боордош республикаларда колдоого жана жактырууга ээ болгондугун кантип унутабыз.

Өлкө мамлекеттүүлүгүнө чыйыр салып, жерпайын түптөөгө жол ачкан “Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышына атактуу сөз чебери Түгөлбай Сыдыкбеков баш болгон чыгармачыл интеллигенциянын, партиянын борбордук, шаардык, райондук комитеттери жана баштапкы уюмдарынын, легендарлуу парламенттин депутаттарынын, окумуштуулар менен студенттердин, комсомолдор менен жумушчу жаштардын эмгеги зор болгондугу талашсыз.

Өлкөбүздүн мамлекеттүүлүгү менен “Мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамын бекеринен бир жумуру нерсе катары карап жаткан жерибиз жок. Бул экөөнүн тарыхый тамыры бир жана тарыхый тагдыры да бир.

Кыргыз эли мындан миңдеген жылдар илгери көптөгөн уруулардын башын бириктирип, өз мамлекетин түптөгөн. Ал мамлекет кийин көптөгөн улуттарды ичине камтып, улуу дөөлөткө, күчтүү державага айланган. Айкөл Манастын тили - ошол улуу державанын тили болгону талашсыз. 1989-жылы кыргыз тили экинчи ирет мамлекеттик тил макамын, мыйзамын кайтарып алды.

Ар бир этнос өз эне тилин ыйык жана касиеттүү деп эсептейт, анткени, ал эне сүтү менен келет. Ар кандай улуттун башкы байлыгы - анын эне тили. Эне тилсиз эл карып, ошондуктан: “Баарынан мурун сөз улук, обол сөз жаралган”, - дешкен байыркы бабаларыбыз. Дүйнө элдеринин ыйык китептеринде да ушул ойлор айтылат.

Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн атын жана затын берген табияттын фундаменталдуу баалуулугу. Акыйкатта, мамлекеттүүлүк - мамлекеттик тилден башталат. Кыргыз тили – образдуу айтканда өлкөнүн жүрөгү. Жүрөгү токтоп калган адам, албетте, жантаслим болот. Эгерде улут тилинен айрылса, улут катары жок болот. Улут жоголсо, мамлекеттүүлүк болбойт. Атактуу немис окумуштуусу Вилгельм Гумбольд улуттардын жоголуу тарыхын изилдеп отуруп, өз эне тилинде сүйлөбөй калган эл - улут катары өмүрүн андан ары улай албастыгын аныктаган. Анын сыңары, эне тилди символдорго салыштыруу орунсуз, дегеним, мамлекеттик символдорду өзгөртсө болот, ал эми эне тилди өзгөртүү табияттын өзөктүү мыйзамын бузуу дегенди туюндурат жана улутту соңку трагедияга кабылтышы толук мүмкүн.

Албетте, Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Мамлекеттик тил жөнүндөгү конституциялык мыйзамында, мамлекетибизди туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында, Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында, ошондой эле өлкөбүздө Мамлекеттик тилди жана тил саясатын өнүктүрүүнүн улуттук программасында мекенибизде жашап жаткан этностордун эне тилин сактоого жана өнүктүрүүгө кепилдиктер камсыз кылынган. Өлкө биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары мамлекеттик тилди толук, натыйжалуу жана кеңири колдонууну камсыз кылган тил саясатын эволюциялуу ишке ашыруу ийги. Уңгужолдо көрсөтүлгөндөй, мамлекеттик тилдин өнүгүшү жана коомдук турмуштун бардык тармактарында дайыма колдонулушу үчүн кам көрүү – ар бир кыргыз жаранынын милдети. Тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына ылайык, толук кандуу колдонулган мамлекеттик тил коомдун биримдигин, социалдык ынтымакты жана өлкөнүн туруктуулугун сактоонун жана чыңдоонун эң маанилүү булагы болуп калат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин макамы, тиешелүү мыйзам актылары аркылуу тастыкталган кыргыз тили корголууга муктаж эмес, колдонулууга гана муктаж. Эне тилди коргоонун жана өнүктүрүүнүн жападан жалгыз жолу - аны турмуштун бардык тармактарында кеңири колдонуу болуп саналат деп белгиленген.

Эне тил – адамдарды байланыштырып туруучу негизги курал жана каражат болуп гана саналбастан, ал ошол элдин иденттүүлүгүн тастыктаган коду. Гениалдуу Чыңгыз Айтматов айткандай: “Азыркы заманда тил коммуникациянын гана эмес, дүйнө таанымдын башкы куралына айланды. Кеп - эң оболу тилде эмес, дилде. Адам өз тилин дилинде ыйык тутса, ал эч качан уңгу тилин чанып кете албайт. Тил – адам ааламынын алака мейкиндигин кеңейткен касиеттүү күч. Кыргыз тили – мен үчүн Мекен, эне, киндик кан тамган жер сыяктуу эле ыйыктын ыйыгы. Мен бу турмушта кайсы бир бийиктикке чыга алдым десем, аны эне тилимдин улуу духунан көрөм...”.

Эне тил жогоруда айтылгандай, менимче, этностун кундуу касиеттерин камтыган сырдуу ааламы жана кайталангыс космосу гана болбостон, акыйкатта, ал элдин автопортрети, тарыхый тагдыры жана коопсуздугу. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө 22 элдин аты аталган. Ошолордун ичинен бүгүнкү күндө сакталып калган кыргыздардын сабында саналуусу гана бар.

Окумуштуулар азыркы учурда: “Дүйнөдө жети миңден ашуун тил бар”, - деп жүрүшөт. Балким, андан көптүр, же аздыр. Айтор, тил – Кудай жана табият жараткан адам акылын таң калтырган, ошол эле мезгилде тамшандырган бир укмуштуу, кереметтүү жана сырдуу аалам. Бул тил – Кыргыз Республикасындагы этносторду бириктирүүчү, “Ырыс алды - ынтымакка” чакыруучу жана достуктун тили. Ал – орток баалуулук.

Түрк дүйнөсүн терең жана кенен изилдеген Л.Н. Гумилёвдун уңгулуу жана нарктуу теориялык концепциясы бар. Окумуштуунун оюу боюнча, этностордун өнүгүшү геочөйрөгө, биочөйрөгө, аймактын флорасына жана фаунасына, башкача айтканда, өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын түрлөрүнө байланыштуу болот. Менимче, улуттук тилдин диалектикасы да табиятка жана жаратылышка түздөн-түз симметриялуу. Албетте, Ала-Тоодой керемет жер ааламда сейрек кездешет. Жылнаамадагы 12 ай, 3 айдан топко бөлүнүп, так санга ажырап, 4 мезгилге чачырап, жуп санды уюштуруу аркылуу бирин-бири байытып, бирин-бири асырап, бирин-бири бөлөлөп, бирин-бири тазалоо менен кербезденип турат. Бул – бирин-бири толуктоонун, карама-каршы туруп ажарына келүүнүн, жаңыруунун жана көп түрдүүлүктүн гармониясынын философиясы.

Дегеним, Молдо Кылычтын “Бүркүттүн тою”, “Канаттуулар” сыяктуу чыгармаларында адамды таң калтырарлык, үлгү болорлук саптар эң эле жыш. “Ал канаттууларды өзүнөн мурун өткөн Алишер Новаиден да алда канча кооз жана билгичтик менен сүрөттөгөн. Кылычтын “Канаттуулар” деген казалына татар окумуштуулары таң калып, Кылычтын чыгармаларын түрк элдеринин “Түшүндүрмө сөздүгүн” колдонорун жарыялашкан. Кылыч жеке эле “Зар заманды”, “Канаттууларды” жазбастан, төрт түлүк малды да келиштире сүрөттөгөн. Кылычтын чыгармалары атактуу Жусуп Баласагындын чыгармасынан алда канча жогору турат деп баалаган. Мен өзүм Кылычтын чыгармаларын жатка билүү мындай турсун, аларды жыйнап, Академиянын фондуна тапшырган адаммын”, - деп жазып кеткен К.Карасаев.

Даанышман ойчул Молдо Кылычтын классикалык «Чүй баяны» чыгармасында 130га жакын өсүмдүктүн аты аталган, алардын адамдарга пайдалуу маани-маңызы көркөм, образдуу жалпылаштырылган. Мисалы: дан курай, кожогат, мандалак, балжууран, кымыздык, кемпир чач, карандыз, катыраңкы, долоно, ак кодол, адырашман, балтыркан, көкөмерен жана 140ка чукул жан-жаныбарлардын аталышы берилген. Мисалы: кундуз, марал, бугу, кыл жылан, тоодак, бозтек, кара кунас, чулдук, ызгыч, таскара, турумтай, ителги ж.б. “Канаттуу” деген актуалдуу ырында 90дон ашык парандалардын аты аталса, «Бүркүттүн тою» аттуу проблемалуу чыгармасында 70тен арбын жаныбарлардын “иденттүүлүгү” менен “менталитети” тастыкталат. Бул – көркөм-эстетикалык, поэтикалык, философиялык сейрек учуроочу көрүнүш.

Ал эми айтылуу Жеңижоктун «Аккан суусунда» 30дун тегерегинде өсүмдүктүн аталышы жана суунун түркүн түрлөрү көркөм-поэтикалык, философиялык негизде шөкөттөлгөн. Булар – сөздүн терең маанисинде геоморфология, биоморфология менен аталыштын айкын, элестүү жана поэтикалуу үндөштүгү.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru

Мелис МУРАТАЛИЕВ:

# Санжыранын орду жана замандын талабы

**(Текст «Кыргыз таануу» курсунун видеоматериалынан жазылып алынды)**

*(Башы өткөн санда)*



– Асыл тукум эмне деген сөз? Таза кандуу.

Таза кандуу деп эмнени түшүнөбүз?

Эгерде генетиканын тили менен айтканда, мутацияга кабылбаган, тээ башатта теги кандай болсо, ошондон геному өзгөрбөй келген, каны бузулбаган асыл тукум. Кыргыздын сөзү ушуну айтып турат. Шарттуу түрдө аталып калган жылкынын тегин изилдегенде Ботайга барып такалат. Аны, асыл тукумду ушул күнгө чейин бузбай, сактап келген кыргыздар, башка элдерде ал жок. Демек, бул жерде кыргызга жылкы жакын экендигинин далили бар. Төлөк Төрөкан уулу бул маалыматты китебине жазып жатат. Ыстамдын балдары, анын бири Кыркес (кыргыз тараган) жылкыны кармап, үй жаныбарына айлантткан.

Эң биринчи арийлер Индиянын түндүгүндө пайда болушканы (асмандан түшкөнү) жазылат. Кийин европалыктар изилдегенде эч кандай асмандан түшпөй эле Индиянын түндүгүндө эң бийик тоону, ашуу ашып, жер которуп келгени жазылат. Эң биринчи элесинде канаттуу деп эсептешкен, индустар, себеби, куштай эле сызып өтүшкөн экен да. Булар шумдук экен деп ойлошкон. А кийин аралашып жашап калганда: Биздей эле жөнөкөй кишилер экен, болгону ат минип келиптир," - деп калышкан. Тигил региондон берки жакка ат минип келишкенде индиялыктар мындай жаныбарды көргөн эмес. Арийлер, ошентип, Индиядан жүрүп отуруп Персияга, Персиядан бир тармагы Европага чейин барышкан. Европалыктар арийлердин элесин мифологиясында так белгилеп көрсөтүп беришкен.

> Ысык деген жерде табылган адамдын ДНКсы кыргызга таандык. Аршан, Тувада 7-8-кылым, сактар убагында табылган сөөктө кыргыздын теги бар.

– Кимдин элесинде? Кентавр дегенди уктуңар беле? Ылдый жагы жылкы, үстү адам болгон ажырагыс бүтүндүк, элес. Биз үчүн ошондой эле, жылкы менен бирбиз да, албетте, түз мааниде эмес.

– Кентаврдын теги ким? Ал дагы скифтер. Грек мифологиясында айтылат: "Кентавр - адамга таандык болгон асыл сапаттарга ээ жандык". Демек, ошол эң алгачкы жылкыны биздин санжыра боюнча кыргыздар, ата-бабаларыбыз үйрөтүп жатса, ал эми азыркы жылкы менен геномдору бөлөк, өзгөрүп калган. Пржевальск тукуму менен алгачкы жылкылардын геному бир. Бул, демек, асыл тукумду сактай билүү.

– Жез жана коло доору, кимиси байыркыраак? Жез. Коло деген бул металлдардын кошулмасы. А жез болсо, металлдын өзү. Жезди аныктап, иштеткенди үйрөнгөндөн кийин калай менен жездин кошулмасынан коло пайда болгон. Демек коло доору кийинки, жез доору мурунку доор. Мына ушул жез доорунда пайда болгон жылкынын бүгүнкү доордогу геному Пржевальск жылкысы, а кийинкилер коло доорунда пайда болгон. Грек тарыхчыларынын көбү жылкынын келип чыгышын скифтерден келген деген пикир калтырышкан. Кийинки изилдөөлөр түрктөргө такап жатат. Скифтерди улантуучулар түрктөр деп билет.

Уралдын күңгөй-тескейи, Борбордук Азияда скифтер, көчмөндөр жашаган.

Андрон маданияты тууралуу сөз болот. Андрон менен арий маданияты бир, этноним сыяктуу. Андрон маданияты б.з.ч. 2300-1000 Борбордук Азия, Хакасия, Красноярск, Уралдын чеги ж.б аймактарда болгон. Бул археологиянын ачылышы боюнча адамзаттын цивилизациясына өтө чоң салым кошкон маданият - көчмөндөр маданияты. Илимдин баарын, металлургия, медицина, астрономия, математика көп нерсени ушулар иштеп чыгып, дүйнөгө тараткан. Ушул маданиятка тиешелүү бир маалымат. Локалдык деңгээлде караганда Уралдын бери жагы, күн чыгышында археологиялык бир табылга табылган, буга чейин 2300 жыл мурда Сынташта Аркаин калдыктары табылган. Бул б.з.ч. пайда болгон таштардан салынган шаар болгон. Тегерек, чек сыяктуу, ар бир бөлүкчө өзүнчө үй. Демек, шаар дегени бул бир эле үй эмес, көптөгөн (азыркы этаж үйлөр кандай болсо ошол эле) жалпак, тегерек айланма шаар. Ошол мезгилге таандык болгон эң алгачкы шаар түрүндө таштан салынган үйлөр. Ал жерде буюм-тайым, көп нерсе табылган. Ошол шаардын тегерегинде мүрзөлөр табылган. Ошол мүрзөлөрдүн ичинен 3 аял, 2 эркектин сөөгү табылган. Ошол 2 эркектин сөөгүнүн анализин алып, ДНКсын аныкташкан. Бүгүнкү күндө ошол ДНК аркылуу ошол муундун урпактарын табууга болот.

Полигенетик Кубан Чороевдин архивинде генетикалык анализдин негизинде биздин скифтер жогорудагы ДНК менен 100% дал келип жатат. Кыскасы, жөнөкөйлөтүп айтканда, ошол Уралда б.з.ч. 2300 жыл мурда эң биринчи таштан там салып, шаар куруп жашаган чакан элдин каны, теги биздин ата-бабаларыбыз. Азыр илимде YP1456 деген кыргыз бутагы деп аныкталып калыптыр полигенетикада. Төлөк Төрөкан уулунун санжырасындагы маалыматтар да буга далил.

Азыркы замандын кишиси, бирок, бул нерселерди билбесе керек. Археология, полигенетика тууралуу деле билбесе керек. Же болбосо, күмөн болуп, бирок билип алып жазды. Ал жазган да жок да, муундан-муунга, колдон-колго өтүп келген, китепте жазылып жатат. Ошол китеп кайсы доордо жазылган? Айтканы боюнча үчүнчү ирет кайра жазылып жатат. Жазуусу алмашкан үчүн жазылып жатат. Демек, санжыра дагы бекер сөз эмес, бул кайсы бир деңгээлде тарыхый, чоң, орчундуу, тагдыр чечүү же тагдыр өзгөртчү окуяларды айтып жүрүп кийинки муундарга жеткирген экен. Анан ошол санжырадагы маалыматтар менен азыркы археология жана полигенетикадагы маалыматтар менен төп келет. Бул дагы жетишсиз болсо, дагы бир нерсе бар.

Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунда:

*Эдил, Нура суусу бар,*
*Эсен-аман ушу бар.*
*Оролдун узун тоосу бар,*
*Ошолго жакын барсак деп,*
*Бир кыйла элдин оозу бар.*
*Эдил, Жайык жери бар,*
*Ата-энебиз өскөн деп,*
*Бир кыйла элдин кеби бар».*

Манас төрөлгөнгө чейинки окуяны баяндап атып, ушул жерин эскерип жатат. Кыргыздын теги качан башталган дегенде, бир кыйла мурда, тээтиги Оролдун этегинде жашаганбыз деп эскерип жатат. Анан ошол жакка кайра барсакпы деп эңсегендер мындан көп деген эле сөз. Демек, «Манаста» деле кайсы бир деңгээлде Төлөк Төрөкан уулунун варианты боюнча да, расмий илимдеги болгон ачылыштар менен да төп келип жатат. Муну андай эмес десеңер да, кашкайып жазылып турат. “Манас” деле, санжыра деле жомок эмес экен. Себеби, расмий илимде деле жасалып жаткан ачылыштардын жүрүшү бизге таандык болгон ички булак деп аталган тарыхтан таап жатабыз, бири эпостон, бири санжырадан. Өткөн сабакта айткам, санжырага келгенде эле фольклор деп коюшат окумуштуулар, анан бул жөн эле оозеки чыгармачылык деп бирөө айтса ишене беришпейт. Андан көрө тарыхый булак болуп жазылып калыш керек. Мына Сыма Цянь жазган, кылымдар өтсө да турат. Бул чындык ошол кезде болгон дейт. Кыргыздар ошол окуяларды жазып дагы, айтып дагы келген экен. Анан ушул санжыра да жазылган экен. Кыргызда жомок болгон эмес деген мифти ушу менен жок кылабыз. Азыркы замандын илимий ачылыштары менен төп келген санжырабыз бар.

"Ушул регион биздики эмес дегендерге: "Биз, Эне-Сайдан көчүп келип, бирөөнүн, жеринде жашап жатабыз" - деп айткандар бар илимий чөйрөдө, мына ошолор үчүн. Түргөндө (Ысык-Көл, Ак-Суу) табылган Дөбө-Мүрзөдө коюлган адамдын сөөгү.

Темир доору болжолу качан башталды? Темир доору б.з.ч. 1200-1300-жылдардан кийин башталат. Эң алгачкы темир ошол мезгилде пайда болгон. Тиричиликке колдонула баштаган. Темирден жасалган буюмдар б.д.ч. 2000 жыл мурункулар табылып жатат, бирок, алар бирин-экин. А мындай кенен тиричиликке пайданылган убак б.д.ч. 1200-1300 жж. Демек, арийлердин доору. Мына ошол кезде көлдүн төрүндө болгон Ак-Сууда Түргөн деген чоң капчыгайда көмүлгөн күмбөз атайын салттуу салынган. Анын дагы ДНКсы Z93 деп чыгып жатат. Бул дагы кыргыздардын геному.

Ысык деген жер биздин Күңгөй Ала-Тоо, Казакстан жак бетинде жайгашкан. Азыр Казакстанга карайт. Болбосо кыргыздын жери Балхаш, Анархайга чейин, нары жагы Иртышка чейин болгон. Ошол Ысык деген жерде табылган адамдын ДНКсы кыргызга таандык. Аршан, Тувада 7-8-кылым, сактар убагында табылган сөөктө кыргыздын теги бар. Биз алардын түздөн-түз урпагыбыз. Хакасия, Казакстан жалпысынан Борбордук Азиядагы мен белгилеп өткөн жерлердеги табылган археологиялык табылгалардын теги, генетикасы бир болуп жатат.

Үч-Курбуда гун, хунндардын доорундагы (б.д. 2-3-кылым) адамдын сөөгү табылып, анын ДНКсы да İР1456, кыргыздарга таандык. Хунндар талкаланып, Кытайдан кордук көрүп, качып жүрүп отуруп Европага чейин кирип барат. Алар ал жакка кыйындыгынан барган жок. Кытайдан качып жүрүп отуруп барган, аман калуунун аракети болгон. Ошол мезгилге таандык Үч-Курбуда адам сөөгү табылган, анын полигенетикасы биздин аталарыбыз болуп жатат. Эч кандай бул жер бирөөнүн, бөтөн элдин жери эмес. Биз Эне-Сайдан өзүнчө бөлүнүп келип, өзүнчө калып эл болдук деген бул чыныгы жомок да. Болбосо башаттан, тээ Уралдан бери ушул аймакты ээлеген, ушул мамлекетти түптөгөн, түптүү элдин урпагыбыз.

*(Уландысы кийинки санда)*

Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия
КЫРГЫЗ ТААНУУ

Ар жуманын шейшемби күнү
"Сейтек" балдар борбору Т.Абдумомунов көч. 197
Башталышы 18:00
Катталуу: 0706999303 (ватсап)
Кирүү акысыз
Мелис Мураталиев
mamtil.gov.kg

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин жаңы технологиялар менен окутуу: Артыкчылыктар жана көйгөйлөр

**Хидирова Ч.Х. филология илимдеринин кандидаты, доцент И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

Улуу тилчи, академик Л.В.Щерба айткандай: "Орфографиянын эң негизги максаты жана анын өзгөчө баалуу касиети – элди сабаттуулукка үйрөтүү". ...Элдин бардык өкүлдөрү бир түрдүү сүйлөшүүсү эч мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жазууга милдеттүү. Орфографиянын эң негизги касиети жана баалуулугу – анын бирдиктүүлүгүндө.

Тилекке каршы, кыргыз тилинин жазуу эрежелери бир кылымга чукул тарыхты камтып, бир канча ирет талкууга коюлуп, жаңыланып, бекитилгени менен, бүгүнкү күнгө чейин толук ишке ашпай келе жатат. Коомдун орфографиялык сабаттуулугу дагы эле толук бойдон калыптанбай, бир түрдүү эрежелердин негизинде колдонулбай, актуалдуу бойдон калууда.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин эң акыркысы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын демилгеси менен он кишиден турган атайын топ тарабынан кайрадан иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна коюлуп, "Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: соңку редакциясы" деген аталышта Жогорку Кеңештин токтому (№567, 26.06.2008) менен бекитилип, токтом кабыл алынгандыгына да он алты жылдан ашты. Бирок азыркыга чейин толук кандуу колдонулбай келаткан параграфтары аз эмес.

Мунун себеби эмнеде? Биздин оюбузча, биринчиден, мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз орфографиялык эрежелеринин окутулушуна өтө аз көңүл бурулгандыгында; экинчиден, окуу пландарында тиешелүү деңгээлде сааттар бөлүнбөй калгандыгында; үчүнчүдөн, окуу-методикалык адабияттардын жетишсиздигинде; төртүнчүдөн, кабыл алынган эрежелердин коомдун, илимдин башка тармактарында толук кандуу ишке ашырылбай, текшерилбей, токтом менен талап кылынбай келе жаткандыгында; бешинчиден, коомдун бардык тармактарын жөнгө салуучу мыйзамдарыбызда кабыл алынган жазуу эрежелерине дал келбеген эрежелердин жазылып калгандыгында болуп эсептелет.

Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин окутуу методдорун да салттуу, инновациялык, интерактивдүү, креативдүү жана санариптик технологияларды колдонуу сыяктуу типтерге бөлүп кароого болот.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелерин окутуунун салттуу методдору: түшүндүрүү, окутуу, суроо-жооп, аңгемелешүү, көнүгүү иштөө, орфографиялык талдоо жүргүзүү, анализдөө жана синтездөө, жат жазуу жаздыруу жана башка ушу сыяктуулар.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелерин окутуунун жаңычыл методдору:

Инновациялык методдор: улуттук колоритте (макал-лакап, табышмак, фразеологизмдерге негиздеп окутуу); өз алдынча изденүүнү баалоо; сынчыл ой жүгүртүү; аз, бирок, саздап билим берүү; мээге чабуул; оюн; түстүү боёк жана башкалар;

Интерактивдүү методдор: (сурамжылоо, кроссворд, тест, викторина, жарыш);

Креативдүү методдор: окшоштуруу, салыштыруу, оюн, техникалык каражаттарды колдонуу.

Санариптик технологияларды колдонуу методдору азыркы кезде өтө актуалдуу болуп жатат. Мында интернет браузерлер (Google, Chrome, Гугл почта, Meet, YouTube, Tik-Tok...), сайттардын (mamtil.kg, Bizdin.kg, Okuma.kg, Kitep.kg ж.б.) жана жасалма акыл платформалары (Akylai, bing.com, Copilot, Gemini, Perplexity.ai, OpenAI, Gamma.app, slidesgo.com., Gencraft.com, getimg.ai, woxo.tech, D-id.com...) колдонулушу эске алынат.

Акыркы методдор азыркы кезде жаштарды өз кучагына имерип кетип жаткандыгы, бир жагынан, жаңы технологияларды өздөштүрүп, өнүгүүгө бет алгандай көрүнсө, экинчи жагынан, жаштардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, сынчыл логикасын, анализдеп кабылдоосун мокотуп коюп, терс таасирин, кедергисин тийгизип жатат. Себеби, адам үчүн жасалма акылдын ойлонуп, иш алып барышы окуучунун ой жүгүртүүсүн, кабылдоосун гана эмес, эс-тутумунун өнүгүүсүн да токтотуп коюп жаткандыгы даана байкалууда.

Санариптик жаңы технологиялар, анын ичинде жасалма акылдын, окуучуларды жана студенттерди окутуу жараянында пайдалануунун артыкчылыктарынан кемчиликтери, кедергиси көп экендигин баса белгилеп кетмекчибиз.

Бүгүнкү күндө коомдун элитасы болгон илим-билимдүү башкаруучулар, эл өкүлдөрүнөн тартып, билим берүү, илим жана маданият, жана башка тармактардагы туташ сабатсыздыктын бирден-бир себепчиси - дал ушул интернет маалыматтары деп айтууга толук негиз бар. Анткени, азыркы коомдун өкүлдөрү жүзмө-жүз, бетме-бет баарлашууга жана билим алууга караганда, санариптик технологиялар аркылуу баарлашууга, керектүүдөн керексизи көп маалыматтарды кабыл алууга убактысын кетирип жатышат. Ал эми интернетте сабатсыз жазылган маалыматтар миңдеп саналат. Аларды көргөн сайын дисграфия өз таасирин тийгизип жатат. Бул - коомдук сабаттуулуктагы эң чоң көйгөй. Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин соңку редакциясынын толук ишке ашпай келе жаткандыгынын бирден-бир себеби - дал ушул социалдык тармактардагы дисграфия.

Бүгүнкү күнгө чейин колдонулбай же бузулуулар менен колдонулуп келе жаткан айрым орфографиялык эрежелерге токтоло кетсек, бул макалада бүгүнкү күндө орфографиялык эрежелердин колдонулушунда кетирилген каталарды эки типте бөлүп карасак болот:

1) Жарым-жартылай колдонулган эрежелер. Орфографиялык эреженин -ар мүчөсүнүн жазылышы жөнүндөгү 35-36-параграфтагы "Үндүү тыбыш менен аяктаган этиш сөзгө атоочтуктун -ар//-ыр мүчөсү жалганса, бул мүчө уланган муундагы үндүүнүн созулуп айтылыш формасына жазууда жол берилет: иште +ар = иштээр, башта +ар = баштаар, ойло +ар = ойлоор, кара + ар = караар жана башкалар.

Эскертүү: -ы; -и үндүүлөрү менен аяктаган сөздөргө -ар/ /-ыр мүчөлөрү жалганса, соңку муундагы үндүү созулуңку айтылат, бирок жазууда буга жол берилбейт: ири+ир=ирир, чири+ир=чирир, байы+ыр=байыр, жиби+ир=жибир, ысы+ыр=ысыр, ээрчи+ир=ээрчир.

36-§. Үнсүз менен аяктаган этишке -ар мүчөсү жалганса, соңку муундагы үндүү созулуңку айтылат, бирок буга жазууда жол берилбейт: бар+ар=барар, кел+ар=келер, сат+ар=сатар, жүр+ар= жүрөр", - деп берилген.

Тилекке каршы, бул эрежени колдонулушу 50% эле туура жүргүзүлүүдө. Окуу китептеринде, публицистикалык макалаларда, акын-жазуучуларыбыздын чыгармаларында туура эмес берилип келаткан учурлар арбын. Мисалы, белгилүү эле мекемелерде "Окугандар акылдуу, улук болоор, билимдүүгө түгөнбөс байлык коноор", "Билимдүү болсоң - озоорсуң, Билимсиз болсоң - тозоорсуң" деп туура эмес жазылган тексттер илинип турса, макал-лакап китептерде да "Бактылуу адам кааласа, муз үстүнө от жанаар", "Бар мактанса табылаар, жок мактанса чабылаар", "Бараар жери жоктун, басаар тоосу жок" түрүндө жазылган тексттерди орфографиялык эрежелерге ылайыктап, "Окугандар акылдуу, улук болор, билимдүүгө түгөнбөс байлык конор", "Билимдүү болсоң - озорсуң, билимсиз болсоң – тозорсуң", "Бактылуу адам кааласа, муз үстүнө от жанар", "Бар мактанса - табылар, жок мактанса – чабылар", "Барар жери жоктун, басар тоосу жок" деген сыяктуу оңдоп жазып, андан кийин илсе, чыгарса болот да. Жалпы коомчулуктун мындай маселелерге кайдыгер караганы өтө өкүнүчтүү.

2) Дээрлик толук бойдон ишке ашпай жаткан эрежелер. Орфографиялык эреженин 67-параграфынын 2-пунктунда "2. Мекемелердин курамындагы ички бөлүмдөрдүн наамы кичине тамга менен жазылат: Кыргыз улуттук университетинин филология жана кыргыз таануу факультети, Тил жана адабият институтунун азыркы кыргыз тили сектору жана башкалар" деп берилген, бирок бүгүнкү коомдун бардык тармактарында, анын ичинде билим берүү тармактарынын көпчүлүгүндө бул эреже 80% сакталбай, жадагалса, тырмакча алынып жазылган каталар өтө көп кездешүүдө. Мисалы, "Кыргыз филологиясы факультетинин Кыргыз адабияты кафедрасы", же "ЭКУнун "Журналистика" кафедрасы" жана башкалар ушу сыяктуу туура эмес жазылып келет.

Орфографиялык эреженин 68-параграфында "Ордендердин, медалдардын аттары тырмакчага алынбай, баш тамга менен, орден, медаль деген сөз кичине тамга менен айрым жазылат: Манас ордени, Баатыр эне ордени, Эне даңкы медалы, Эрдик медалы, Даңк медалы" деп жазылган. Бирок "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сый акылары жөнүндө" мыйзамда орден, медаль наамдарынын баары тырмакчага алынып берилген. Бул эреже жазуу эрежелеринде, окуу китептеринде эле жазылып, ал эми колдонулушунда 95% мыйзамдагыдай жазылууда. Мисалы, "Достук" ордени, "Баатыр эне" ордени, "Даңк" медалы, "Эне даңкы" медалы.

Чындыгында, союздук республикалар тарап, өз алдынча эгемендүүлүккө ээ боло баштаганда, эң алгачкы расмий мыйзамдарыбыздын бири "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү" мыйзам болчу. Андыктан, кийинки чыккан мыйзамдарды жазууда бул эрежелердин сакталышы рационалдуу өнүгүүнүн бирден-бир жолу, пайдубалы болушу керек эле. Тилекке каршы, мыйзамдарда орфографиялык эрежелерибиз сакталбай, натыйжада, чаржайыттуулук өкүм сүрүп, эки ажырым пайда болду.

Орфографиялык эрежелерибиздин 71-параграфы "Завод-фабрика, театр, ашкана, кафе, мейманкана, спорттук уюм, дүкөн, басма, мекеме, гүлбак, аянттардын энчилүү аттары тырмакчага алынып, баш тамга менен жазылат: «Ала-Тоо» аянты, «Эркиндик» гүлбагы, «Байсуу» кафеси, «Айсулуу» сулуулук салону, «Бишкек» мейманканасы, «Жыргал» мончосу, «Илим» басмасы, «Чолпон» бут кийим тигүү фабрикасы, «Кыял» бирикмеси" түрүндө кабыл алынган. Бирок иш жүзүндө, коомчулукта, бул эреже да 99% аткарылбай, сакталбай келет. Алыскы райондорду албай эле, борбор калаабызды эле карап көрсөк, биздин жазуу эрежебизге ылайык, аталышы тырмакчага алынып жазылган бир да кафе, гүлбак, басмакана, мончо, чайканалар учурата албайсың.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз орфографиясын окутуунун салтка айланган методдору менен катар эле, чечиле элек, тактала элек маселелери да аз эмес.

Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин жаңы технологиялар менен окутуунун артыкчылыктары менен катар эле көйгөйлөрү да өтө көп. Артыкчылыктары: балдардын көңүл буруусун, сабакка кызыгуусун, жасалма акылды пайдалануу жөндөмдүүлүгүн өркүндөтөт. Кемчиликтери: бала даяр материалды алган сайын өз алдынча кабыл алуусу, сынчыл ой жүгүртүүсү начарлайт, интернеттеги түрдүү маалыматтарга алаксып, негизги максаттан алыстап кетип, убактысын туура эмес кетирет, кол менен сабаттуу жана сулуу жазуу жөндөмдүүлүгү мокойт.

Орфографиялык көйгөйлөр: 1 Орфографиялык эрежелер менен мыйзамдардагы сөздөрдүн жазылышындагы дал келбестиктер; 2 Орфографиялык эрежелердин жаңы редакциясындагы айрым параграфтарда жалпы элдик тилге, адабий тилге толук мүнөздүү болбогон элементтердин кирип кеткендиги; 3) Орфографиялык эрежелерге негизделип, көнүгүүлөр менен толукталган, атайын, системалуу түрдө иштелип чыккан эмгектердин, окуу китептеринин жетишсиздиги; 4) Деңгээлдер боюнча окуу китептеринин жетишсиздиги жана буга чейинки китептерде темалардын системага салынып берилбегендиги; 5)Татаал сөздөрдүн жазылыш эрежелери, өзгөчө татаал этиштердин жазылышы боюнча орфографиялык сөздүктөрдүн толук иштелип чыга электиги; 6) Орфографиялык эрежелердин соңку жаңы редакциясынын кеңейтилип, толукталып, көбүрөөк мисалдар менен иштелип чыгарыла электиги жана башка ушу сыяктуу маселелер дагы иликтеп-тактоолорду талап кылат.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелерин сактоо - бир гана кыргыз тилчилерге эмес, эң оболу, ар бир педагогго, ар бир мамлекеттик жана муниципиалдык кызматкерге, билимдүү деген инсанга, мектеп аттестатына ээ болгон ар бир атуулга тиешелүү. Андыктан, мамлекеттик тилибизди кордобой, кадырлап, туура жазууга ар дайым көңүл буруп, мамлекеттик тил макамына ылайык колдонолу!

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)

29 04 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Байыркы оюн – кыз куумай



**Каныбек АБДРАИМОВ, педагогика илимдеринин кандидаты, Терминология жана ономастика бөлүмүнүн башкы адиси**

Ар бир эл өзүнүн каада-салты, үрп-адаты менен гана эмес, өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук (салттык) оюндары менен да айырмаланат. Ат жалында эркин ойноп, көчүп-конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер мүнөз кыргыз элинин кулк-мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша көптөгөн кыймылдуу ат оюндары болгон.

Кыз куумай оюну - бул кыргыздардын эл арасына кеңири тараган кыз менен жигит катышып, ат үстүндө ойногон байыртадан келаткан улуттук оюндардын бир түрү. Кыз куумай оюнун айрым окумуштуулар үйлөнүү-той жөрөлгөсүнө тиешелүү экендигин белгилешкен. Илгери кыз куумай оюну үйлөнүү үлпөтүнүн бир бөлүгү болуу менен, кызга күйөөлөп барган жигит шартына жараша болочоктогу кайын журтуна оюн-тамаша куруп берген. Кыз куумай оюнунун тарыхы никелик мамилелерге байланыштуу болуп, жаштардын үйлөнүү алдындагы көңүл ачуучу элдик таң-тамаша курган оюндарынан болгон. Жигит кызга күйөөлөп жүргөн чакта калың элге тамаша куруп ойношуп, оюнга кээде жаңы үйлөнгөндөр да катышышкан. Кыз куумай жөнүндө эл оозунда айтылган саптарга токтолсом:

*Кыз-жигити кыргыздын,*
*Кылымдап ойнойт - кыз куумай.*
*Кыз куумай ойнун карасаң,*
*Кызыгына эл батып,*
*Кыйкырып, дуулап тик турмай.*
*Кыз куумай ойну кыргыздын,*
*Эзелтен калган салты экен.*
*Эңкейип, жандап, жарышып,*
*Кызга жетсе жигити,*
*Буралтып туруп кыз өбүш,*
*Байыртан кыргыз наркы экен,* – делет.

Кыз куумай оюну кыргыздардын аш-той, ар түрдүү улуттук майрамдарында ойнолуп, оюнду көркүнө жаш улан-кыздар чыгарышкан. Оюнда кызды кууп жеткен жигит ага үйлөнүүгө тийиш болгон. Жигит кызды кууп жетсе, баш кийимин кыздын жонуна тийгизип, кээде кызды камчы менен чаап, бетинен өөп, кууп жеткенин билдирген. Айрым учурларда жигиттин минген аты начар болуп, кызга жетпей калган учурлар да кездешкен. Кыз куумай оюнуна түшө турган жигит менен кыз улуттук кооз, жарашыктуу кийимдерди кийинип чыгышкан.

Кыз куумайга мине турган кыз менен жигиттин аттарына, токулуучу ат жабдыктарына чейин өзгөчө көңүл бурушкан. Ат жабдыктар жарашыктуу, кооз азем буюмдар менен (күмүш өңдүү ж.б.) жасалгаланган. Мурда кыз куумай оюнуна көбүнчө турмуш кура элек улан-кыздар катышса, кийинчерээк алардын жаш өзгөчөлүктөрү анча эске алынбай, атка чыйрак кыз-келиндер да оюнга аралаша баштаشкан. Кыз куумай оюну ар түрдүү тойлордо өткөрүлүп, бул оюн элдин черин жазып, тамашалуу көрүнүшкө айланган.

Оюндун жүрүшүндө белгиленген чектен кыз менен жигиттин аттары коё берилет. Адатта, кыз жигитке караганда 25-30 метрдей алдыраак турган. Кыз куумай оюнунда кыз жигитке жеткирбешке аракет кылса, ал эми жигиттин кызды кууп жетиши шарт. Кызга мыкты күлүк аттан тандап мингизишкен. Кыздын минген аты тың, күлүк болгондуктан, жигит кызга бир топ кыйынчылык менен жеткен учурлар да болгон. Айрым учурда кызды жеңеси коштой чыгып, кошо жарышып, жигиттин кызга жетүүсүнө кедергисин тийгизген. Жигиттин кызга жеткенде, артылып кыздын бетинен өбүшү салттуу көрүнүштөрдөн болуп келген. Эгер жигит кызга жетпей калса, кыз атынын башын буруп, камчы менен жигитти кайра кубалап сабаган.

Көчмөндүү кыргыз элинин жашоо-турмушунда алгачкы салттуу оюн катары пайда болгон кыз куумай оюну - азыркы учурда да өзүнүн маанилүүлүгүн жоготпой ойнолуп келет. Оюн элдик аш-той, улуттук майрамдарда ойнолуп, көрүүчүлөргө жакшы маанай тартуулайт. Бирок, кийинки кездерде бул оюндун түпкү тарыхый мааниси да өзгөрүлгөндөй. Мурунку учурда кыз куумай оюнуна кыз кош этек чыптама, бешмант, үкүлүү тебетей өңдүү улуттук кийимдерди кийген. Адатта, күйөөлөп келген жигиттин болочоктогу жары тебетейчен беш көкүл кыз болгон. Азыркы учурда үкүлүү топу менен оюнга чыгуу салтка анча коошпойт. Топучан кызды – тестиер кыз, тебетейчен кызды – беш көкүл кыз дешсе, ал эми элечек кийгендин турмушка чыкканын билишип, алардын кийген кийимдеринен эле жаш өзгөчөлүктөрүн баамдашкан. Кыз куумай оюнуна чыга турган жигит башына ак калпак, тебетей, ал эми үстүнө кемсел кийип, кемер кур курчанган. Оюнга чыгуучу кызды жеңелеринен, жигитти жолдошторунан коштоп чыгышкан. Кыз куумай өтүүчү жер, күлүктөр коё бериле турган чек, чабылуучу аралыктары күн мурунтан белгиленип, тактальп дайындалган. Кыз куумайга биринчи кезекте мыкты күлүк аттар тандалып, кызга күлүк аттан мингизген.

Кыздын жигитке жеткирбей келиши, жигиттин теминип, жете албай атына кайра-кайра камчы урушу оюнду шаңдантып, көрүүчүлөрдүн бүйүрүн кызытып, жандандырган. Ушул учур көрүүчүлөрдү өзгөчө кызыктырып, алардын черин жазып, өзгөчө тамашага батырган. Чектен коё берилген аттардын жаа тарткандай создуга чуркашы, ак куу сымал кыздын көзгө илешпей келе жатышы, артынан жигиттин жетер-жетпес болуп кууп келатканы, кыз менен жигитти элдердин жапырт сүрөөнгө алышы – оюндун эң кызыгуу жараткан жери десек болот. Элдин ушул учурду көрүшү кыз куумай оюнунун маңызын чыгарып, ал оюндун баркын көтөргөн.

Кыз куумай оюнунун байыркы оюндардан экендигин "Манас" эпосунан да байкоого болот. Манастын небереси Сейтектин ата конушу Таласка көчүп келе жатып, жолдо эриккен кыраандардын көңүл ачып, кыз куумай оюнун ойногондугу мындайча баяндалат.

*Боз бала, жигит аралаш,*
*Кыз-келин менен жарышып,*
*Кызык өзөн бойлошуп,*
*Кызыгышып кыраандар,*
*Кыз куушмай ойношуп,*
*Талыкпай көчүп, бээ байлап,*
*Таласты көздөй бет алып,*
*Эл чуркурап, чуу болуп,*
*Эр кубанып, дуу болуп,*
*Киндик кесип, кир жууган,*
*Жерине көчүп келатат.*



Кыз куумай оюну кийинки учурларда улуттук майрамдарда жалпы ат оюндарынын катарына кошулуп, ойнолууда. Кызга жигиттин жетип, бетинен өбүшү - салттык көрүнүш болуп келген.

Кыргыз турмушунда дагы бир эл арасында өткөрүлгөн кыз куумай оюнунда, жигитке жыландай сойлоп, ойноктоп турган жоргону мингизишет. Ал эми кызга бир жорток ат тийип калат. Аттардын оозун коё бергенде эле кызга жигит шап жетет. Кыздын төркүндөрү бул көрүнүшкө намыстанышып, оюн келечектеги куда-сөөк боло турган эки адамдын тил табыша албаган наразычылыгы менен аяктайт. Ошондогу жигиттин сөзүнөн:

*Бургутуп жорго жөнөдү,*
*Бууданым жетти шоп этип.*
*Бейпайы күчтүү сулуунун,*
*Бетинен өптүм чоп этип,* – десе, *анда кыз:*
*Жортокту тандап мингиче,*
*Жоргону минбей не болдум?*
*Жоболоңдуу жигитке,*
*Жолобой койбой не болдум?* – деп кыз өкүнгөн экен.

Кыз жигиттин кыз куумайга чыгышы элдик салттуу көрүнүштөрдөн. Кыз куумайга бойго жеткен 15-17 жаш курактагы, же андан жогору жаштагы курбалдаш кыз-жигиттер улуттук кийим кийип катышышкан. Оюнга минилүүчү аттарды алдын ала суутуп, чабууга даярдашкан. Кыздын минген аты жигиттикине караганда күлүгүрөөк болгон. Оюнга калыс болуучу адам, кыз-жигитти аттарына мингизип, ат чабылуучу жерге алып келет. Кызды жигиттен алдыраак тургузган. Эгер марага чейин кыз жигитке жеткирбесе, кыз кайрылып туруп жигитти камчы менен сабаган. Качып бараткан кызды, жигит белгиленген аралыктын ичинде кууп жетип, баш кийими менен чаап, же кыздын бетинен аяр сүйүп өөп коюшу шарттуу көрүнүш болгон. Жигит кээде кызды кууп жете албаса, оюндан чыгарылган учурлар да кездешкен.

Кыз куумай оюну жаштарды шамдагайлыкка тарбиялап, ат үстүндө тең салмактуулугун сактоого, чеккиндүүлүккө, ат чаба билүү өнөрүнө үйрөткөн. Бабаларыбыздан салт катары сакталып келген бул оюн учурда да өз ордун жоготпой ойнолуп келет. Эгер кыз максатына жетип, жигитке жеткирбей койсо, бул жигит үчүн чоң шылдың деп эсептелген. Мындай учурда жигит айыпка жыгылып, чогулгандарга мал союп бериши талап кылынган. Ал гана эмес, жигит кызга үйлөнүү укугунан да ажыраган. Кыз куумай башка оюндардан өзгөчө бүйүр кызытып, элдин көңүлүн бургандыгы менен айырмаланат. Жигит менен кыздын жарышына эки тарaптан тең өкүлдөр (кыз-келиндер, жигиттер) күбө болушуп, кыйкырып сүрөөнгө алып турушат. Мунун баары жалпы элге зор кубанычтуу маанай тартуулап, элдин черин жазган. Жарышка чыга турган күлүктөр 1,5 чакырым аралыктан коё берилип, оюнга катыша турган аргымак күлүктөрдү тандоого да өзгөчө көңүл бурушкан.

Кыз куумай оюну тууралуу улуттук гимнибиздин текстин жазган кыргыздын белгилүү акыны Жалил Садыков да төмөндөгүдөй жакшы ыр саптарын жараткан:

*Оюндун бири - кыз куумай,*
*Күлүктөр көктө сызчудай,*
*Тизгинди чоюп жөнөсө,*
*Жигити – шумкар, кыз – куудай.*
*Оюн деп чиркин ушуну айт!*
*Көргөндө кимдер кызыбайт?*
Жигити жетип кызды өпсө,
Көзүңө сүйкүм учурайт, - деген акындын ыр саптары бул оюн жөнүндө не бир көркөм элес берип турат.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)

29 04 2025

kyrgyztili@mail.ru

# tilimpõz

*Кыргызча сүйлөйлү!*


































ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(314)

29
04
2025

kyrgyztili@mail.ru

# ЖОЛ БЕЛГИЛЕРИНИН КЫРГЫЗЧА АТАЛЫШЫ




“НЕГИЗГИ ЖОЛ” · “ЖОЛ БЕР” · “ТОКТОБОЙ ӨТҮҮГӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “ТОКТООГО ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “ТОКТОП ТУРУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “КИРҮҮГӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “КЫЙМЫЛГА ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “ОЗУП ӨТҮҮГӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ”



“ТЫГЫН” · “ОҢГО БУРУЛУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “СОЛГО БУРУЛУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “АРТКА БУРУЛУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “ТЕГИЗ ЭМЕС ЖОЛ” · “ЖАСАЛМА ТЕГИЗ ЭМЕС ЖОЛ” · “КАРШЫ КЫЙМЫЛДЫН АРТЫКЧЫЛЫГЫ БАР” · “КООПТУУ БУРУЛУШТАР”



“КАПТАЛДАН СОККОН ШАМАЛ” · “ТУЮК ЖОЛ” · “ЖӨӨ ЖҮРГҮНЧҮ ӨТКӨӨЛҮ” · “ТИЛКЕЛЕР БОЮНЧА КЫЙМЫЛДЫН БАГЫТЫ” · “АЙЛАМПА КЫЙМЫЛ” · “БАРДЫК ЧЕКТӨӨЛӨРДҮН БҮТҮШҮ” · “АЙДЫН ТАК САНДАГЫ КҮНДӨРҮНДӨ ТОКТОП ТУРУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “АЙДЫН ЖУП САНДАГЫ КҮНДӨРҮНДӨ ТОКТОП ТУРУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ”



“ТАЙГАК ЖОЛ” · “ТОСКООЛДУКТУ ОҢ ЖАГЫНАН АЙЛАНЫП ӨТҮҮ” · “ТОСКООЛДУКТУ СОЛ ЖАГЫНАН АЙЛАНЫП ӨТҮҮ” · “БИР НУКТУУ ТЕМИР ЖОЛ” · “КӨП НУКТУУ ТЕМИР ЖОЛ” · “БУРУЛУШТУН БАГЫТЫ” · “БАШКЫ ЖОЛДУН БАГЫТЫ” · “ЭКИ ТАРАПТУУ КЫЙМЫЛ”




“ЖОЛДОРДУН ТАРЫШЫ” · “ЭС АЛУУЧУ ЖАЙ” · “ТУРАК ЖАЙ АЙМАГЫ” · “БИР ТАРАПТУУ КЫЙМЫЛДА ЖҮРҮҮЧҮ ЖОЛГО ЧЫГУУ” · “ТИК ЫЛДЫЙ ТҮШҮҮ” · “ТИК ӨЙДӨ ЧЫГУУ” · “МАЛ АЙДОО” · “ЖАПАЙЫ ЖАНЫБАРЛАР”




“КАЛКТУУ КОНУШТУН БАШТАЛЫШЫ” · “АКЫ ТӨЛӨНҮҮЧҮ КЫЗМАТТАР” · “НЕГИЗГИ ЖОЛДУН БҮТҮШҮ” · “ТОСМО КОЮЛГАН ТЕМИР ЖОЛ ӨТКӨӨЛҮ” · “ТОСМО КОЮЛБАГАН ТЕМИР ЖОЛ ӨТКӨӨЛҮ” · “ЖАПЫЗ УЧКАН УЧАК” · “ЖЭЭККЕ ЧЫГА ТУРГАН ЖОЛ” · “ТЕҢДЕШ ЖОЛДОР МЕНЕН КЕСИЛИШҮҮ”




“ЭКИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ ЖОЛ МЕНЕН КЕСИЛИШҮҮ” · “ЭКИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ ЖОЛГО КОШУЛУУ” · “АВТОБУСТАРДЫН ЖҮРҮҮСҮНӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “ЖҮК ТАШУУЧУ УНААЛАРДЫН ЖҮРҮҮСҮНӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “КООПТУУ ЖҮГҮ БАР УНААЛАРДЫН ЖҮРҮҮСҮНӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ” · “САЛМАГЫНА ЧЕК КОЮУ” · “УЗУНДУГУНА ЧЕК КОЮУ” · “ЖАЗЫЛЫГЫНА ЧЕК КОЮУ” · “БИЙИКТИККЕ ЧЕК КОЮУ”




“ЖОГОРКУ ЫЛДАМДЫКТЫ ЧЕКТӨӨ” · “ТӨМӨНКҮ ЫЛДАМДЫКТЫ ЧЕКТӨӨ” · “ТОСКООЛДУКТУ ОҢ ЖЕ СОЛ ЖАГЫНАН АЙЛАНЫП ӨТҮҮ” · “ЖЕР АЛДЫНДАГЫ ЖӨӨ ЖҮРГҮНЧҮ ӨТКӨӨЛҮ” · “ТИЛКЕНИН БАШТАЛЫШЫ” · “ТИЛКЕНИН БҮТҮШҮ” · “КЫЙМЫЛ ТИЛКЕСИ” · “КӨЗҮ АЗИЗ ЖӨӨ ЖҮРГҮНЧҮЛӨР”

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Мугалимдик кесип – ардактуу

**Канатбек кызы Алтынай, Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарынын Манас атындагы №10 жалпы орто билим берүү мектебинин мугалими.**

Ар бир адамдын тагдырында мугалимдин орду өзгөчө. Бала бакчадан баштап, жогорку окуу жайына чейин бизге акыл-насаатын айтып, билимдин негизин түптөгөн – мугалимдер. Алар жаш муунга илим-билимди гана үйрөтпөстөн, адеп-ахлак, эмгекчилдик жана мээримдүүлүк сыяктуу асыл сапаттарды да сиңиришет. Ошондуктан, мугалимдик кесип эң ардактуу жана жоопкерчиликтүү деп эсептелет.

Мугалимдер – коомдун келечегин тарбиялаган инсандар. Ар бир дарыгер, инженер, юрист, жазуучу, же жетекчи – баары мугалимдин эмгегинин жемиши. Алар окуучуларына жөн гана маалымат бербестен, илимге кызыктырып, туура багыт көрсөтүп, ар бир адамдын жөндөмүн ачууга жардам беришет. Өз ишине берилген мугалимдер окуучулардын жүрөгүнөн түнөк таап, аларга өмүр бою эстен чыккыс таасир калтырат.

Мугалимдик кесип чыдамкайлыкты, сабырдуулукту жана кең пейилдикти талап кылат. Күн сайын жүздөгөн окуучуларга билим берип, алардын ар бирине түшүнүү менен мамиле кылуу оңой эмес. Бирок мугалимдер өз ишин сүйгөндүктөн, бардык кыйынчылыктарга карабай, коом үчүн талыкпай эмгектенишет. Алардын кайратман эмгегинин аркасында коом өнүгүп, билимдүү жана тарбиялуу муун өсүп чыгат.

Учурда мугалимдерге болгон талап жогору. Технологиянын өнүгүшү менен билим берүү тармагы да өзгөрүп, жаңыланууда. Бирок, заман кандай өзгөрбөсүн, мугалимдин орду ар дайым бийик бойдон кала берет. Себеби, эч бир техника же жасалма интеллект мугалимдин мээримин, адамгерчилигин жана жүрөктөн чыккан насаатын алмаштыра албайт. Ошондуктан, мугалимдерге дайыма урматсый көрсөтүү ар бирибиздин парзыбыз. Алардын эмгегин баалап, ыраазычылык билдирүү менен биз алардын түйшүгүн жеңилдете алабыз. Мугалимдик кесип – жөн гана кесип эмес, бул адамды адам кылган, жүрөктөн берилүү менен аткарылуучу улуу кызмат.



**Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин дагы да арттыруу максатында, төмөнкү сунуштарды айтып өткүбүз келет:**

**1.** Окуучуну ойготуп, билим берүүдө кызматташа билүү

Билим берүү – бул бир тараптуу гана процесс эмес, тескерисинче, мугалим менен окуучунун өз ара кызматташуусуна негизделген жандуу аракет. Натыйжалуу окутуу үчүн мугалим окуучунун кызыгуусун ойготуп, анын билимин тереңдетүүгө жана ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүшү керек.

**2.** Окуучунун кызыгуусун ойготуу

Ар бир баланын өзүнө гана таандык шык-жөндөмү жана кызыккан тармактары бар. Бирок салттуу окутуу ыкмалары - кээде окуучуларды билим алуудан алыстатып, аларды пассивдүү кабыл алуучуга айландырып коюшу мүмкүн. Мугалимдердин негизги милдеттеринин бири – ар бир окуучунун ички шыгын ачып, аны билимге умтулдуруу. Бул үчүн сабактарды интерактивдүү өткөрүү, чыгармачылык тапшырмалар менен толуктоо жана жашоодон алынган реалдуу мисалдар менен байытуу маанилүү.

**3.** Билим берүүдө кызматташуунун мааниси

Классикалык түшүнүктө мугалим – үйрөткөн, ал эми окуучу – үйрөнгөн тарап. Бирок заманбап билим берүүдө бул түшүнүк өзгөрүп, окутуу процесси эки тараптуу кызматташууга негизделген интерактивдүү мамилеге айланды. Мугалим окуучуга буйрук берип, же даяр билимди таңуулаган эмес, тескерисинче, аны менен биргеликте изилдөө жүргүзгөн, ой жүгүртүү процесстерин бирге өнүктүргөн адам болушу керек.

**Кызматташуу жолу менен окутуунун бир нече эффективдүү ыкмалары бар:**

**1.** Диалог жана суроо-жооп ыкмасы: Окуучуларды ой жүгүртүүгө түрткү берген ачык суроолорду берүү алардын активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт.

**2.** Чогуу изилдөө жүргүзүү: Окуучуларга маалыматты изилдөөгө, аны талдоого жана чыгарган тыянактарын талкуулоого мүмкүнчүлүк берүү керек.

**3.** Топтук иш жана практикалык тапшырмалар: Окуучулар бири-бири менен пикир алышып, жыйынтыкка келгенде билим берүү натыйжалуу болот.

**4.** Мугалимдин ролу – жол көрсөтүүчү

Мугалим окуучунун жөн гана билим алуусуна шарт түзгөн адам эмес, ал – шыктандыруучу, жол көрсөтүүчү жана устат. Окуучу менен иштешүүдө ачык-айкын байланыш түзүп, аны колдоп, мотивация берип туруу зарыл.

### Жыйынтык

Билим берүүдө мугалим менен окуучунун ортосундагы кызматташуу - процессти кызыктуу жана жемиштүү кылат. Окуучулар өздөрү билимге умтулган, изилдеген жана ойлонгон шартта гана алардын билим деңгээли көтөрүлүп, жогорку жыйынтыктарга жетише алышат. Ошондуктан, ар бир мугалимдин максаты – окуучуну ойготуп, билимге болгон кызыгуусун арттыруу жана аны менен биргеликте өнүгүүгө шарт түзүү болушу керек.

Келечек муунду тарбиялаган мугалимдерибиз ар дайым кадырлуу жана сыймыктуу болсун!

# Таабалды Эгембердиевдин жазуучулук өнөрү жана анын курч каламинен жаралган асыл ойлор

*(Башталышы 3-бетте)*

Аталган талкууда таймanбай чындыкты айтып көнгөн Таабалды Эгембердиев америкалыктарга: "Улут маселесин, улут тагдырын, улут мүдөөсүн америкалыктар түшүнбөйт жана жакшы түшүнө алышпайт, себеби, классикалык түшүнүк боюнча - силер улут эмессиңер. Силердин улуттун негизин түзгөн эл - же жоголуп, же улут болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калган. Алар - индеецтер. Силерде улуттук эмес, демократиялык өзгөчө мамлекет, коомчулук бар. Силерде демократиялык тартипти, үрп-адатты биздин Орто Азиянын кой, Батыш мамлекеттеринде да идеалдык модель катары кароого, таңуулоого болбойт" - деп беттеке айтып салган экен. Жогоруда айтылган сөздөрдүн мааниси тереңде жатат. Себеби, азыркы күндө Америкадагы жашоону, ал жактагы демократияны үлгү кылып, көкүрөк каккан адамдар коомубузда өтө эле көп. Алар туу туткан демократиянын үлгүсү кыргыз эли нечендеген кылымдардан бери муундан-муунга өткөрүп, сактап келген улуттук баалуулуктар менен көп жерден бири-бирине карама-каршы келет. Демек, биз улут болуп сакталып калалы десек, анда көпчүлүктү ээрчибей, ааламдашуу доорунда жакшысын алып, жаманын иргеп, өз багытыбыз менен келечекке кадам таштаашыбыз керек. Бул ойду Таабалды Эгембердиев Америкада окуган докладында мындан бир канча жыл мурун эле айтып койгон экен.

Таабалды Эгембердиев чет мамлекетке чыкканда алган таасирлерин, барган өлкөлөрүнүн оң жана терс жактарын, жаңыдан телчигип келе жаткан Кыргыз мамлекети дипломатиялык жактан кандай саясат жүргүзүшү керек экендигин окурмандарына жөнөкөй, ошону менен катар таасирдүү сөздөр менен жеткире алган. Мисалы, "Кытай деген кылым калк" деген макаласында мындай дейт: "Бизде "Кытай антет-минтет, бизди басып алат" деген коркуу сезими жок эмес. Бизди, Кытайдан мурун эле жалкоолук басып алган. Душман өзүбүздүн ичибизде. Аракеттенип, Кытайга кирип соода кылгандар көп нерсени үйрөнүп, байыгандын эле үстүндө. Сөздүн чын-чынына келсек, минтип отурсак, Кытай жыйырма-отуз жылда бүт дүйнөнү басып алат. Куралы менен эмес, жасаган дүр-дүйнөсү менен. Ал заманда Кытайдан кутулам деген адам Айга барып эле жашаш керек. Ошон үчүн, Айга көчпөй эле ушундай бай кошунабыз бар экенине кубанып, анын этегине жармашып, тыңыраак оокат кылганды үйрөнгөнүбүз жакшы деп ойлойм".

Азыркы күндө Таабалды Эгембердиевдин мындан бир канча жыл мурун жазган ойпикири турмуштук чындыкка айланып, Кытай жер жайнаган аскерлери менен эмес, чыгарган продукциясы менен дүйнөнүн булуң-бурчуна жетти. Ал эми жакын кошунасы болгон биз - колдогу мүмкүнчүлүктү бүгүнкү күнгө чейин кайсы деңгээлде колдоно алдык жана мындан ары кандай колдоно алабыз? - деген суроо жаралат. Бул багытта жаңыдан курулуп баштаган темир жолдун Орто Азия өлкөлөрү үчүн өзгөчө мааниси чоң экенин келечек көрсөтөр...

### Таабалды Эгембердиев менен Дооронбек Садырбаевдин баарлашуусу

Аталган эки инсандай кыргыз дегенде күйүп-бышып, жакшы жагын даңазалап, жаман жагын көзгө сайып айткандан тажабаган мекенчил инсандарды саноого колдун беш эле манжасы жетет. Аларды көргөн адам чыныгы мекенчил болуу деген эмне экендигин аңдап биле алат. 1997-жылы Дооронбек Садырбаев менен Таабалды Эгембердиевдин дил маеги "Республика" гезитине жарыяланган. Аталган дил маекте эки инсан кыргыз элинин тарыхы, мамлекеттүүлүгү, элибиздин оң-терс жактары, бийлик, саясат жөнүндө кеңири сөз кылышып, омоктуу ойлору менен бөлүшүшөт. Бул дил маектин актуалдуулугу эч качан жоголбойт деп билем. Экөөнүн дил маегин окуган адам ошол учурдагы саясий ой-пикирлери дал келбей, карама-каршы болсо да, кызыл чеке болуп талашып-тартышса да, эмнегедир аларды бириктирип турган ортоk бир күч, окшоштук бар экенин байкайт. Ал окшоштук, ал күч - Мекенге болгон сүйүү, кыргыз дегенде ичкен ашын жерге койгон мекенчилдик сезим менен байланышкан. Дооронбек Садырбаев менен Таабалды Эгембердиевдин дагы бир өзгөчөлүгү - кыргыз элинде болуп жаткан көйгөйлөрдү жашырып-жаппай, жарага туз сепкендей ачуу болсо да, ачык жеткире алгандыгында деп ойлойм.

Жыйынтыктап айсак, калктын калың катмары, айрыкча жаштар, Таабалды Эгембердиевди "Шоро" компаниясынын негиздөөчүсү, "Супара" этнокомплекси жана "Супара-Чуңкурчак" этнорезортунун куруучусу катары жакшы билишкени менен, анын жазуучулук таланты, курч калеминен жаралган макалалары баарына эле маалым эмес. Кыргыз элине жазып калтырган макалаларын окуп, маанисине жете билген адам жаратман инсанды таптакыр башка бир багыттан таанайт. Кыргыз эли үчүн сыймыктана турган бир гана "Шоро", "Супара", "Супара-Чуңкурчак" эмес, ал - курч калеми аркылуу өткөн тарых барактарынын ак-карасын таамай чагылдырып, келечек жаштарга багыт бере турган омоктуу ойлорунун жыйындысын калтырып кеткендигине дагы бир жолу ынанат. Себеби, Таабалды Эгембердиевдин айрыкча эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жазган макалаларынын баалуулугу жыл өткөн сайын арта берери талашсыз. Анткени ал – тарых. Тарых болсо - келечектин күзгүсү.

**Колдонулган булак:**
Таабалды Эгембердиев "Оо, Дарегим! Оо, Карегим!" Күндөлүк. Кол жазмалар, макалалар жана маектер/ түз.:Ж. Турганбаева, 2022.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)

29 04 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Заманбап шарттагы мамлекеттик-каржылык көзөмөлдүн көйгөйлөрү жана жакшыртуунун жолдору

**Илимий жетекчи: Кадыр уулу Алмазбек,**
**экономика илимдеринин кандидаты, доцент**

**Магистрант: Орозалы Жапар уулу**

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада заманбап шарттардагы мамлекеттик-каржылык көзөмөлдүн негизги маселелери жана аларды чечүү жолдору каралат. Көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында санариптик технологияларды колдонуу, көз карандысыз аудиттин ролу жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттешүүсүн күчөтүү боюнча сунуштар берилет. Ошондой эле, эл аралык тажрыйбага таянып, Кыргыз Республикасынын шарттарына ылайыкташтырылган чечимдер сунушталат.

**Ачкыч сөздөр:** мамлекеттик-каржылык көзөмөл, аудит, санариптештирүү, бюджеттик башкаруу, каржылык отчеттуулук.

Коомдун экономикалык өнүгүүсү жана мамлекеттин туруктуу иштеши, негизинен, мамлекеттик-каржылык ресурстардын натыйжалуу башкарылышынан жана колдонулушунан көз каранды. Бул жагдайда мамлекеттик-каржылык көзөмөлдүн ролу өзгөчө мааниге ээ болуп саналат. Ал бюджеттик каражаттардын мыйзамдуу, максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын камсыздоочу негизги механизм катары кызмат кылат. Финансылык тартипти сактоо, коррупциялык жана каржылык мыйзам бузууларды алдын алуу, мамлекеттик ишмердүүлүктүн ачыктыгын жана жоопкерчилигин камсыз кылуу – бул көзөмөлдүн башкы милдеттери.

Заманбап шарттарда, ааламдашуунун, технологиялык прогресстин жана мамлекеттик башкаруу системасын реформалоонун шартында, мамлекеттик-каржылык көзөмөл мазмуну жана функциялары да өзгөрүүгө учурап, ага болгон талаптар жогорулап жатат. Кыргызстан сыяктуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдө бул өзгөрүүлөргө жооп берүүчү натыйжалуу көзөмөл механизмдерин түзүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, биринчи кезекте, мамлекеттик-каржылык ресурстарды туура жана натыйжалуу башкаруу маселеси менен байланыштуу. Кыргыз Республикасынын бюджеттик каражаттарын башкарууда ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуу көйгөйлөрү учурдагы эң маанилүү маселелердин катарына кирет. Тышкы жана ички карыздардын өсүшү, бюджеттик тартыштык, коррупциялык тобокелдиктердин жогору болушу – мунун баары мамлекеттик-каржылык көзөмөл сапатын жана натыйжалуулугун кайра карап чыгууну талап кылат.

Мамлекеттик каржылык көзөмөл – мамлекеттик ресурстардын натыйжалуу, максаттуу жана мыйзамдуу колдонулушун камсыз кылуучу маанилүү механизм экени талашсыз. Жогоруда айтылгандай, бул милдетти Кыргыз Республикасында аткарган негизги орган – бул Эсеп палатасы. Анын ишмердүүлүгү өлкөнүн Конституциясы, атайын мыйзамдар жана башка ченемдик-укуктук актылар менен жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын Указдарына жана мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын укуктук негиздери төмөндөгүдөй негизги документтерден турат:

**1.** Конституциялык негиз

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 87-беренесине ылайык, Эсеп палатасы – Жогорку Кеңешке көз карандысыз, сырттан көзөмөл жүргүзүүчү мамлекеттик орган болуп саналат. Конституцияда белгилегендей, Эсеп палатасы республикалык бюджеттин аткарылышын, мамлекеттик жана муниципалдык мүлктүн пайдаланылышын, мамлекеттик инвестицияларды жана карыз каражаттарын көзөмөлдөйт.

**2.** Эсеп палатасынын кийинки укуктук негиздери болуп ыйгарым укуктары саналат.

**3.** Ченемдик-укуктук базанын курамына кирген башка актылар.

Эсеп палатасынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган башка маанилүү ченемдик актылар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Бюджет кодекси (2022-жылкы редакция) – бюджеттик каражаттардын пландалышы, бөлүштүрүлүшү жана көзөмөлү жөнүндө жалпы эрежелерди бекитет;
- «Мамлекеттик каржылык көзөмөл жөнүндө» мыйзам – көзөмөлдүн формалары, түрлөрү жана органдары тууралуу жоболорду камтыйт;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору – Эсеп палатасынын отчетторун угуу, текшерүүлөрдү тапшырма катары берүү сыяктуу ыйгарым укуктар;
- Эсеп палатасынын ички регламенттери жана стандарттары– аудит жүргүзүүнүн тартиби, этика кодекси жана отчеттордун формасы.

**4.** Эл аралык укуктук ченемдер жана стандарттар

Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын иши, ошондой эле, эл аралык нормаларга шайкеш келүүгө умтулат. Атап айтканда: INTOSAI (Мамлекеттик жогорку аудит органдарынын эл аралык уюму) тарабынан сунушталган стандарттар (ISSAI); Евразиялык жогорку аудит органдарынын уюму (EURASAI) менен кызматташуу жана эл аралык донорлор тарабынан каржыланган долбоорлордун аудитинде эл аралык каржылык отчеттуулук стандарттары колдонулат. Бул ченемдер Эсеп палатасынын ишин ачык-айкын, объективдүү жана саясий көз карандысыздык шартында жүргүзүүнү талап кылат.

Мындан тышкары, мамлекеттик каржылык көзөмөлдүн эл аралык тажрыйбасы өлкөлөрдүн каржылык башкаруу жана көзөмөл системаларын өркүндөтүүдө чоң роль ойнойт. Кыргыз Республикасы үчүн мындай тажрыйбалардын колдонулушу мамлекеттик башкаруудагы ачык-айкындуулукту жана натыйжалуулукту жогорулатып, коррупцияны азайтууга жана мамлекеттик каражаттарды эффективдүү пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Эмки кадам – эл аралык тажрыйбаны адаптациялоо жана айрым жергиликтүү шарттарга туура келтирүү аркылуу Кыргызстанда көзөмөл системасын жакшыртуу болуп саналат.

Эл аралык тажрыйба боюнча жыйынтыктар, атап айтканда, ачык-айкындуулук, коррупцияга каршы күрөш жана институттук туруктуулукту камсыз кылуу, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-каржылык көзөмөлдү натыйжалуу жүргүзүүдө маанилүү факторлор болуп саналат.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик-каржылык көзөмөлдү ишке ашыруу боюнча Эсеп палатасынын ишин талдоодо "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасын мисал катары алдык.

"Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасы - коммуналдык энергетикалык өнөр жай ишканасы катары, республиканын 29 шаарынын, райондук жана курорттук борборлордун калкын, социалдык чөйрөсүн жана коммерциялык түзүмдөрүн жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо кызматын көрсөтөт.

Жылдык каржылык отчет боюнча каражаттардын чыгымы 3 244 662,6 сомду түзүп, анын ичинде товарларды сатып алууга 2 178 138,8 сом, кызмат көрсөтүүлөр үчүн 798 836,4 сом, башка чыгымдарга 267 667,4 сом сарпталган. Мында, жыл башына карата каражаттардын калдыгы 24 172,3 сомду, жылдын аягына карата 25 827,8 сомду түзөт. Иштин жыйынтыгы боюнча "Кыргызжылуулукэнерго" МИси 2023-жылды 111 109,9 сом суммасындагы киреше менен жыйынтыктаган .

2023-жылы берилген жылуулук энергиясы үчүн төлөмдөр 843 923,3 сом суммасында эсептелген, тагыраак айтканда, 873 887,2 сом чогултулган, же аткарылышы 104,1%ды түзөт. Анын ичинде, калкка 329 029,1 сом эсептелип, 331 574,3 сом чогултулган, 100,8%га аткарылган. Республикалык бюджет боюнча 167 622,2 сом эсептелип, 178 183,6 сом чогултулган, аткарылышы 106,3%ды түзөт. Жергиликтүү бюджет боюнча 305 313,7 сом эсептелип, 322 431,8 сом чогултулган, 105,6%га аткарылган. Башка керектөөчүлөр боюнча 41 958,8 сом эсептелген, 41 697,6 сом чогултулган, же 99,4%га аткарылган.

2024-жылдын 6 айлык отчетунун маалыматтары боюнча бардыгы болуп 2 212 257,7 сом суммасында акча каражаттары келип түшкөн, анын ичинен, өздүк продукцияны сатуудан, операциялык иштерден башка түшүүлөрдөн 672 257,7 сом, ошондой эле, 1 540 000 сом суммасында субсидия алынган .

**Аудитте аныкталган каржы бузуулар**

2023-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргызжылуулукэнерго" МИнин ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгында, жалпысы болуп 356 579,7 сом каржылык тартип бузуулар аныкталды. Каржы бузуулардын 4 207,7 сому ордуна коюлууга жатат, аудит учурунда ордуна коюлганы 1 639,5 миң сом. Мурдагы аудитте өндүрүлбөй калган 298,3 сом бюджет аудит учурунда калыбына келтирилди.

Ошондой эле, аудиттин жыйынтыгында Эсеп палатасы тарабынан бир катар сунуштар жана талаптар коюлуп, каржылык тартипти жакшыртуу боюнча чаралар сунушталган. Бул сунуштар мамлекеттик ишкананын башкаруусундагы натыйжалуулукту арттыруу жана каржылык отчеттуулукту бекемдөө максатында мааниге ээ.

Жалпысынан алганда, «Кыргызжылуулукэнерго» ишканасында жүргүзүлгөн аудит Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик каржылык көзөмөлдүн реалдуу абалын, анын артыкчылыктарын жана мүчүлүштүктөрүн чагылдырган типтүү мисал катары каралууга болот. Бул аудиттин жыйынтыктары Эсеп палатасынын мамлекеттик мекемелерге болгон көзөмөлүнүн өз убагында жүргүзүлүп жатканын жана коомдук ресурстарды башкарууда ачык-айкындуулукту камсыздоого багытталган аракеттерин айгинелейт.

Мындан улам, Кыргыз Республикасында мамлекеттик көзөмөл механизмдерин дагы да күчөтүү, аудиттин жыйынтыктарын иш жүзүнө ашыруу механизмдерин жакшыртуу жана натыйжаларга жоопкерчилик чараларын калыптандыруу мамлекеттик башкаруу сапатын жогорулатууда артыкчылыктуу багыттардын бири бойдон калууда.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(314)

29
04
2025

kyrgyztili@mail.ru

# Жеңишбек Эдигеевдин эсселери тууралуу





Садык АЛАХАН
*(Башталышы өткөн санда)*

Демек, бул уламыш өз ордунда, өз жайында жана өзүнө жүктөлгөн көркөм функцияны эң сонун аткарып турат. Ал эми түпкүлүгүндө келип, бул афсананын колдонулушу Ж.Эдигеевдин калеминин баралына жетип калгандыгынын айкын күбөсү болуп эсептелет.

"Көк дептерде" кеңири колдонулган баяндоонун дагы бир ыкмасы – лирикалык чегинүүлөр. "Энеден кийин төркүн жок, күйөөдөн кийин баркың жок", "Чөпчүлөр", "Эне. Тоолор жана Калмурат", "Айылдагы төркү үйлөр" ж.б. чыгармаларды эң чебер жасалган лирикалык чегинүүлөр андан бетер көркүнө чыгарып турат.

Сөз башында биз Жеңишбек Эдигеевди улуттук журналистиканын, адабиятыбыздын жаңы генерациясынын алдыңкы өкүлдөрүнүн бири деп айттык. Ооба, дал ошондой. Жыйырма жылдан ашып бараткан журналисттик өмүр жолунда ал бардык эле калемдештери сыяктуу күнүмдүк деп аталчу кабар-макалаларды да жазды. Бирок, окурмандын жүрөгүндө терең орноп калган, баяндап жаткан адамын ичкериден аңтарып берген эң сонун портреттик очерктерди да бир топ жаратты. Бул багыттагы чыгармаларынын эң мыктылары катары белгилүү коомдук ишмер Аманбек Карыпкулов жөнүндөгү "Аталар", атактуу нейрохирург Миталип Мамытов тууралуу жазылган "Кыргызды мээсинен тааныган Мамытов", көйкашка спортсмен, таанымал балбан Баяман Эркинбаев жайында жазылган "Баямандын 50-жазы" деген чыгармаларын көрсөтүп кетер элек.

Бул китеп жөнүндө сөз салып жатып айтпай кетүүгө болбой турган бир маселе тууралуу кеп учугун бурууга аргасыз болуп турабыз. Сөз оролу "эмиграциялык адабият" деген түшүнүк жөнүндө баратат. Анткени, Ж.Эдигеевдин бул китебин "эмиграциялык адабияттын үлгүсү" деген пикирлер басма сөз беттеринде да, эл чогулган жыйындарда да айтыла баштады. Албетте, дүйнөлүк адабияттын өнүгүш тарыхында «эмиграциялык адабият» деген түшүнүк бар. Айрыкча жапжалгыз идеология өкүм сүргөн өткөн Совет доорунда бул түшүнүк маданий, адабий ишмерлер, дегеле атпай журт арасында өтө популярдуу мүнөзгө ээ болду. Мына эми өз алдынча мамлекеттүүлүгүн түптөп, өзүнчө эгемен журт болгон учурубузда кыргыз маданияты менен адабиятынын айдыңынан да эмиграциялык адабияттын үлгүсүн табуу аракети жасалууда. Биздеги эмиграциялык адабияттын үлгүсү катары, кайталап айтабыз, дал ушул Жеңишбек Эдигеевдин дал ушул чыгармалары мисалга тартылып жатат. Ырасында эле ушундайбы? Тагыраак айтканда, Ж.Эдигеевдин бизге сунуштап жаткан чыгармалар түрмөгү улуттук адабиятыбыздагы эмиграциялык адабияттын үлгүсүбү? Жок, андай эмес. Ж.Эдигеевдин чыгармалары эмиграциялык адабияттын үлгүлөрү болуп эсептелбейт демекчибиз.

Эмне үчүн? Себеби мромундай.

Эмиграциялык адабияттын өкүлдөрү делип эсептелген маданий ишмерлердин дээрлик баарысы өз Мекенинен күч менен, же аргасыздан чыгып кетүүгө мажбур болушат. Ооба, ушундай болот. Бирок, бул абал маселенин жарымы гана. Башкача айтканда, алар ӨМҮР БОЮ, же өздөрү каршы күрөшкөн коомдук система кыйраганча, бийлик башындагы тоталитардык өкүмдарлар бийлигинен ажырамайынча далай жылдар чет эл, чет жерде жашап, чет эл, чет жерде чыгармачылык менен шугулданууга аргасыз болушат. Ал турсун, көпчүлүгүнүн мүрзөсү чет эл, чет жерде калат. Тагдырдын мындай татаал ташпишине кабылган улуу таланттар дүйнөлүк маданиятта өтө көп. Кечээги XX кылымдагы И.Бунин менен өзүн "Суходол музыкантымын" деп атаган С.Рахманинов баш болгон көптөгөн таланттардын бейиттери чет эл, чет жерде калган, бул бир.

Экинчиден, эмиграциялык адабияттын өкүлдөрү болгон сүрөткерлердин дээрлик баарысы өз Мекенинде АТУУЛДУГУНАН АЖЫРАТЫЛГАН тагдырга тушугушат. Мунун айкын мисалы катары дагы да болсо орус илими менен маданиятынын үчүнчү толкунун түзүшкөн, брежневдик сенектик жылдары СССРден чыгарылган А.И.Солженицын баш болгон В.Некрасов (Сталиндик (Мамлекеттик) сыйлыктын лауреаты), В.Аксёнов, В.Войнович, И.Бродский ж.б. көптөгөн акын-жазуучулардын, А.Тарковский, Ю.Любимов сыяктуу залкар режиссёрлордун, Г.Вишневская сыяктуу чоң театрдын даңазалуу солистинин, М.Растроповичтей улуу музыканттардын, М.Шемякиндей сүрөтчүлөрдүн сенектик доору дооранын сүрүп турган 70 – 80-жылдары Жер шарынын алтыдан бир бөлүгүн ээлеп жаткан СССР деген улуу державадан чыгарылып, атуулдугунан (граждансвосунан) ажыратылгалын көрсөтүп кетсек болот. Арийне, бул өтө оор тагдыр эле, айрымдар көтөрө алгыс жазмыш болчу.

Үчүнчүдөн, эмиграциялык адабияттын өкүлдөрү өз Мекенине кайра келип жашоо укугунан ажыратылган адамдар болушкан. Аларды куугунтукка алган коомдук түзүлүш, саясий система, бийлик башындагы тоталитардык деспот жок болмоюн Мекенге карай жол алар үчүн таптакыр жабык болгон.

Жеңишбек Эдигеевди ушундай тагдырга туш болгон калемгер деп айтууга болобу? Албетте, жок. Минтип айтууга эч кимдин оозу да, дити да барбайт. Мындай тагдырдын акыбетин ары кылсын, Жаратткан.

Албетте, Ж.Эдигеевдин үй-бүлөсүнүн Мекенден чыгып кетүүсү - ошол учурдагы Бакиевдик кандуу режимдин капшабынан улам болгону менен, бир эле жылдан кийин абал түп тамырынан бери өзгөрүп, ошондой эле куугунтуктоонун айынан чет жерде жүрүшкөн К.Байболов, Э.Байсаловдор сыяктуу 2010-жылдын 7-апрелинин эртеси эле Ата Журтка кайтуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн болчу. Жеңишбек Эдигеев үй-бүлөсү менен каалаган учурда Ала-Тоо койнуна кайтып келе бергенге укуктуу. Демек, Ж.Эдигеев бүгүнкү күндө эмигрант эмес. Тек гана чет өлкөдө убактылуу жашап, убактылуу иштеп жүргөн калемгер.

Дагы да суроо туулат: Дүйнөлүк адабиятта ушундай тагдыр менен, ушундай турмуш менен жашаган калемгерлер барбы?

Ооба, бар. Болгондо да өтө көп демекчибиз. Минтип убактылуу чет жерде жашап, ошол чет жерде эң сонун чыгармаларын жаратып, бирок, ошол эле учурда өз мекенинин атуулу болуу менен Ата Журтуна каалаган учурда келип-кетип жүргөн калемгерлердин эң типтүү өкүлү катары, башкаларды айтпаганда да, Нобелдик сыйлыктын эки лауреатын – Э.Хемингуэй менен Г.Гарсиа Маркести көрсөтүп кетсек болот. Э.Хемингуэй XX кылымдын 20-жылдары узак убакыт Европада жашап, алгачкы романдарын дал ушул континентте жараткан. Ал эми өмүрүнүн соңун Кубада өткөргөнүн, архивинен табылып, кийин окурмандарга тартуулаган романдарын Кубада жашап жүрүп жазганын айтпай эле коёлу. Г.Гарсиа Маркес да он жылдан ашуун Католониянын борбору Барселонада жашап, эң мыкты чыгармаларынын бири болгон "Падышанын өмүр күзү" ("Осень патриарха") романын Европада жазган. Э.Хемингуэй да, Г.Гарсиа Маркес да өз өлкөлөрүнүн – АКШ менен Колумбиянын – атуулдары болуп эсептелүү менен каалаган учурда өз Мекендерине кайтып келе берүү укугунан ажыраган эмес. Убактылуу сыртта жашагандыгы үчүн Э.Хемингуэй менен Г.Гарсиа Маркести бир да адабиятчы-окумуштуу "эмиграциялык адабияттын" өкүлдөрүнүн катарына кошпойт, минтүү эч кимдин оюна да келбейт. Э.Хемингуэй XX кылымдагы Америка адабиятынын, Г.Гарсиа Маркес XX кылымдагы Колумбия адабиятынын улуу өкүлдөрү катары тарыхта калышты...

Дегеле эмиграциялык адабияттын пайда болушу жапжалгыз идеология өкүм сүргөн мамлекеттердин саясатынын, же болбосо өлкө башына кандуу деспоттор келип, ошолор жүргүзгөн иш аракеттеринин натыйжасы болуп эсептелет. Кудайга шүгүр, өткөн кылымдын акыркы он жылдыгында биз эгемендикке ээ болуп, өз алдынча түндүгүбүздү көтөрүү менен жапжалгыз идеологиянын чеңгелинен бошонсок, 2005-жылкы март жана 2010-жылкы апрель ыңкылаптарынын шарапаты менен жеке үй-бүлөлүк жана кландык башкаруудан бошондук. Эркин, демократиялуу өлкөнү куруунун даңгыр жолуна түштүк. Ал эми эркин, демократиялуу өлкөнүн маданият жана адабият ишмерлери дүйнөнүн кайсы бурчуна барып жашаса – өз эрки. Өз тагдырына өзү кожоюн...

Ж.Эдигеев да каалаган учурда Ала-Тоого келип, Бишкектин каалаган жеринен үй алып, же кindик каны тамган Ак-Талаанын Кош-Дөбө айылына заңгырата там салып жашоосуна эч ким жолтоо боло албайт. (Э.Хемингуэй кайра АКШга барып, өмүрүнүн соңуна чейин Ки-Уэстте жашагандай, же Г.Гарсиа Маркес кайра Колумбияга барып, өмүрүнүн соңуна чейин өлкөнүн борбору Богатодо жашагандай). Демек, Ж.Эдигеевди Ата Журтуна келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган, өз Мекенинин атуулдугунан атайын жарлык менен кол жууган эмигранттардын катарына зордоп апарып кошуп коюу - маселеге үстүрт мамиле жасоо, эмиграциялык адабияттын табиятын ичкериден терең аңдап билбегендик болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, чыгаан журналист, соңку кыргыз адабиятынын жаңы муунунун алдыңкы катарында турган калемгер Жеңишбек Эдигеевдин "Көк дептер" деп аталган бул жыйнагы АТАСЫНА тургузулган эстелик, болгондо да сөздүн гүлдөрү тандалып алынып, ал "гүл сөздөр" тээ көөдөн түпкүрүнөн сызылып чыккан сагынычтын деми менен бажырая ачылып, тиктеген адамды, аспиеттеп колго алган адамды аруулата тургандай эстелик. Ал эми мындай эстеликтер тиктеген адамга ар качан дем-күч бере тургандай болуп, түбөлүккө урабас болуп, шаңкайып тура берет эмеспи.

*(Аягы)*




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru

# ТРАГИКОМЕДИЯ



Ысмайыл КАДЫРОВ

Бүгүнкү күндө кыргыз тилинде текст жазганды мындай кой, жөнөкөй сөздөрдү жаза албагандар абдан көбөйдү. Бишкектин көчөлөрү кыргызча эмес, башка тамгалар менен жазылган жазууларга толуп, анда-санда бир кыргызча жазуу болсо, алардын да көбү ката жазылууда. Бул ката сөздөр кыргызча жакшы билбегендердин башын айлантып, ушул сөз туура экен деген ишенимди жаратууда. Анткени, көрнөктөр сөздүктүн да ролун аткарат. Мисал айтсам, мен шаарга биринчи жолу келгенде "НАН – ХЛЕБ" деген машинени, "КЕЗДЕМЕЛЕР – ТКАНИ" деген дүкөндү көрүп, нандын орусчасы - хлеб, кездеменин орусчасы - ткань экенин билгем.

Эч бир жалгама аталыш жок эле ДҮКӨНҮ, КАФЕСИ деп жазылып тургандар да бар. Демек, булар кыргызча жазууга үлгү болуп бермек түгүл, ката жазууларына шыкак болууда. Бир эле мисал, көп мезгилден бери Манас проспектисинин Токтогул көчөсүнө жакыныраак күн батыш бурчундагы бир үйдүн бетинде "ГУЛДӨР" деп бадырайып жазылып турат. Кулактандырууда "Уйдун жумурткасы сатылат" дейт. Мындайлардан жүздөп-миңдеп мисал келтирсе болот. Булар бир окуганда күлкүлүү сезилет. Буларга эч ким көңүл бурбай кайдыгер болуп, көпкө илинип турганы, анан да кыргызчаны жакшы билбегендер өз уяттарын жашырыш үчүн "Кыргыз тили кедей тил" дегендери, ар намыстын али ойгоно электиги ыйлагыңды келтирет. Ыйлаганда да ыйдын бардык түрлөрү менен ыйлагың келет. Мисалы, айкырып, бакырып, буркурап, бурулдап, букулдап, бырылдап, бышыктап, боздоп, өзөлөнүп, өкүрүп, өңгүрөп, өксүп, улуп-уңшуп, чаңырып, чарылдап, чырылдап, чыркырап.

Ал эми күлкүнү да кыргыз ыңгайына, айтылган жерине жараша – борсулдап, болкулдап, бүлкүлдөп, жылмайып, мыйыгынан жылмайып, каткырып, мыскыл, тамаша, тарс этме, күйдүргү, кыйытма, каймана, жанытма, такмаза, каяша, акыйнек, апыртма, какшык, керкакшык, чымчыма ж.б. деп айткан. Булар ый менен күлкүнүн мен билген эле аталыштары. Мен таппай калгандарым канча. Анан ый менен күлкүнүн эле ушунча түрүн айткан кыргыз тилин кедей десе ким ишенет?

Жогоруда келтирилген ката жазуулар бир окуганда күлкүлүү сезилгени менен түпкүлүгүндө трагикомедия. Ал эми трагикомедия деген – кырдаалы, окуясы күлкүлүү, бирок, сюжети боюнча кайгылуу, ары жагында кайгы жаткан адабий жанр. Чынында эле жогоркулар "Ү менен баштасаң там, У менен баштасаң мал" деген балдардын Сөз оюндарына окшошуп турбайбы. "Күлөсүң да, күйөсүң" деген мына ушул. Эгер элибиздин келечегин ойлоп, тилибизди өнүктүрөлү десек, көчөдөгү көрнөктөрдү кыргызча, анан катасыз жазалы, бул биздин Мекенибизге болгон чоң салымыбыз болот.



Шаакан Токтогул:

# *Кадырлаштын кадыры, сапарлаштын санаты кайсы?*

## КАЙЫП КОШКОНДОР

Бала кезиңдеги досторуң - курдаштарың, сени менен мектепте чогуу окугандар - классташтар, бир айылда жашагандарың - айылдаш, каны бирге жакының - кандаш болот. Бала кезден сырыңды айткан кишиң - сырдаш, алыс сапар аттансаң, чогуу болгондор - сапарлаштар, жогорку окуу жайда чогуу окугандар - курсташ, группалаш. Классташ, курсташ, ынактардын баары - теңтуштар делет. Айланаңдагы сенин учуруңда, сенин доорунда жашап жаткандар - замандаштар, бир кезде бир дасторкондон даам сызып, бир аяктан аш жеген адамың - насиптеш, жашаган жери бирлер - канатташ, жашоого оюу, көз карашы бирлер - талапташ аталат, жакшылыгыңа кубанып, түйшүгүңө кошо түйшөлө алгандарың - чын санаалаш, алыс сапарга бир жолу, же жакын бир нече жолу, же өмүр бою багыты бир адамдарың - жолдош, өмүрүн сага арнаган алган жарың - өмүрлөш, көңүлү жакын утурумдугуң - көңүлдөш, чыны менен эл ишинде чогуу көргөн - үзөңгүлөш болот. Улуу иштер буйруган болсо, тагдыры бирлер - тагдырлаш, өмүрдүн кай бир бүктөмүндө бет келишип, бири-бириңе жылуу мамиле пайда болгондор - тааныштар, оң тааныш болот, жакшы тааныш делет. Чоңойгон айылы, ата-баба, тек-тамыры бирге, анттaшкан достугу бар ынактарды - тамыр дейт. Ал эми айылы, тамыры бир болбосо деле, көп жолу сыналган, көп нерсени чогуу көргөн, бири-биринен түбөлүк кол үзбөгөндү, акыр-аягы анттaшып, Аккан менен Курманбектей убадага бек тургынды - дос дейт.

Булардын баары куракка жараша, баалуулукка, тандаган жолго, көздөгөн багытка жараша карым-катыш кыла тургандарың. Булардын баары сенин жашоодо кайыбынан кабылган, демек, сен үчүн бере турган пайдасы, же зыяны менен кошо сабагы бар кишилер. Пайданы, кызыкчылыкты көздөгөндөр денеге жабышкан кумдай бир силкинүүгө чыдабай калып калат. Ал эми адамдыкка байлангандарың өмүр бою жакшылыгыңа кубанып, азабыңда кол созуп жаныңда болот.

## АЯШ ЖОЛУ БИР БАШКА, АДАШ ЖОЛУ БИР БАШКА

Баарын эле дос экен дей беребиз. Ал да болсо, жолун билбегендик. Албетте, кайыптар кошкон соң, кайсы бир деңгээлде катышың, мамилең улана берет. Бирок эркек аял менен дос болуп алса, ынактыкты башкача жоруур элек. Кичүүлөр менен дос болуп алсаң: "Атан төө мас болсо, тайлак менен дос болот. Тең теңи менен болбойбу", - дейт. Улуулуктун белгиси устаттык, андыктан өзүнөн улуу, бирок, жакын санаалаштарды дос деп айтуу анын жашын сыйлабастык болуп калар эле.

Кээ бир кишилер бийликте, мансапта, учурдагы удургуган саясатта дос-тамырын, курбу-курдашын, жакын санаалаштарын бир тарапта болушун талап кылып, башка бирөөнү колдосо, кадимкидей таарынат. Бирок, бир жаздыкта жаткан аялың деле, бир казандан аш ичкен бүлөң деле, жакын санаалашың деле жашоого оюу, турмушка көз карашы, көздөгөн баалуулугу ар башка болушу мүмкүн да. Демек, жакындыкты, жеке адамдык баалуулукту, жеке кызыкчылыкты да сыйлай билүү, сыйлай алуу кажет.

## СЫЙГА - СЫЙ, СЫР АЯККА - БАЛ

"Тирүүлүк көркү – сый менен, өлүмдүн көркү – ый менен", - дейт. Анын сыңары, кишиликтин эң бир бийиктиги да, адамдыктын эң бир асылдыгы да — сый. Агайын-тууганга карата: "Агайын-тууган болсо да, сыйлашпаса жат болот", - деп айтылгандай, жакындар менен мамиле да сый менен куралып, сый менен гана уланат. Качандыр бир, кайдандыр бир жолу дасторкондо даам сызып калган кишисин: "Насиптеш болдук", - деп кадырлап, тагдырдын сыноосунда бет келишип калса ошону эстеп, кыя өткөн эмес, кыргыз. Чыны менен сыйлашуу бул тирүүлүктөгү эң бир негизги баалуулук эмеспи. Ошондон улам олуя Толубай сынчы: "Калган көңүл менен чыккан жан табылбайт", - деп айткан эмеспи...



Тил ааламы

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4
(314)

29
04
2025

kyrgyztili@mail.ru

# ЭЛДИК ЫРЛАРДАГЫ ЖАШ МУУНДАРДЫ ТАРБИЯЛОО ИДЕЯЛАРЫ

## (СҮЛҮКТҮ ЖАНА ЛЕЙЛЕК ЧӨЛКӨМДӨРҮ БОЮНЧА)



**МАДМУРАТОВА Замира Гулбаевна,
– БатМУнун А.А.Машрабов атындагы СГЭИнин окутуучусу**



**ТОКСОНБАЕВА Элиза Абдисаламовна,
– БатМУнун 3-курсунун студенти**

Кыргыз балдар адабиятынын эң байыркы үлгүлөрү элдик оозеки чыгармачылыкта чагылдырылган, элибиз келечек муун үчүн кам көрүп, аларды көркөм сөз менен эркелеткен, уктаткан, алаксыткан, турмушту үйрөткөн, таалим-тарбия берген, ички руханий дүйнөсүн тазалаган, жолго аттандырган, кыргыздардын өлүмү да ыйлуу ыр менен бүткөн. Ар кылымда элдик оозеки чыгармаларды көкүрөккө түйүп, муундан-муунга өксүтпөй, уюткусун бөксөртпөй өткөргөн ары таланттуу, көсөм адамдарыбыз жашап өткөн. Элде: «Баш кесмек бар, тил кесмек жок», -деп, не бир кыйын маселелерди акындар, чечендер ыр менен куюлуштуруп айтып келишкен. Элдин кайгы-кубанычы, муң-зары ыр менен айтылып, эл ошондон кубат алып, кайраттанган. Элдин уучун толтурган ошол адамдар болгон. Элибиз руханий башатына кайрылып келмейинче, бүгүнкү жашообуз, көрөңгөбүз бош болуп, ички дүйнөбүз байый албайт. Биз макалабызда Кыргызстандын түштүк батыш чөлкөмүнүн, тактап айтканда, Сүлүктү жана Лейлек районунда жашап жаткан элге тиешелүү болгон элдик оозеки чыгармалардын лирикалык жанры боюнча элдик ырлардын педагогикалык талдоого алып, жаш муундарыбызды тарбиялоо максатында жеке инсанга, анын өзүн-өзү калыптандыруусуна, ар тараптуу тарбияланып, улуттук баалуулуктарды жетекчиликке алып өсүүсүнө көмөк көрсөтүү болуп эсептелет. Негизинен, макалада БатМУ СГЭИде окутуучу болуп эмгектенип кеткен С.Закирова тарабынан жарык көргөн «Эл ичи – өнөр кенчи» аттуу китептеги студенттер тарабынан жыйналган элдик оозеки чыгармалардын айрымдары педагогикалык жактан талдоого алынды. Анткени, жергебиздин түштүк батыш чөлкөмүнө тиешелүү болгон элибиздин оозеки чыгармалары да тиешелүү деңгээлде күнүмдүк турмуштук көрүнүштөрдү, оош-кыйыштарды жана өзгөчө бөтөнчөлүккө ээ болгон элдик ырларды уккан окурман андан тарбия алып, мазмунуна тез ынанат. Демек, аймактагы элет элдеринин оозеки чыгармалары, чындыгында, али да болсо бузулбай жаткан дың сыяктуу турарын белгилөө менен, өзүбүзгө жакын турмуш чындыгынан алынгандыгы менен жүрөккө жакын, сиңимдүү келет жана анын тарбиялык мааниси да терең. Ошондой эле нарктуулукту, адеп-ахлакты, маданиятты башка жактан издей бербей, өзүбүздүн эле улуттук баалуулуктарыбызды унутпай эсибизге салсак, көңүлгө ийги, жадыбызга уюй турган акыл-кеңешти тапсак болот. Ошондуктан, өз убагында жаштарыбызга эл ичинен чогултулган материалдарга көңүл бурсак, алар эң кичине көлөмдөгү учкул сөздөрдүн, макал-лакаптардын, сүйүү темасына арналган чыгармалардын, арман, кошоктордун, ошондой эле, түрдүү тематикадагы ырлардын эң көп кездешерин көрөбүз. Албетте, мындай көркөм дөөлөттөр элдин арасынан чыккан таланттуу адамдар тарабынан жүзөгө ашкандыгы анык. Ошондуктан, ар бир элдин өзүнүн жашаган аймагына байланыштуу өзгөчөлүгүн эске алып, жашоо дүйнөсү айрым таланттуу адамдар тарабынан ыр түрүндө айтылып келет. Андан жакшы сапаттарын алып, аны жаңылап кайрадан иштеп чыгып, заманга ылайыктап пайдалансак болот. Кытай элинин улуу акылманы Конфуций: «Мен эч жаңылык ачкан жокмун, элден алып, элге бердим», - деп бекеринен айтпаса керек. Мунун философиялык мааниси өтө терең жана да көп ойлонууга чакырып жаткансыйт. Мезгил өткөн сайын коом тиричилиги өзгөрөт, колдонуудан калып калат. Ата-бабалардын баскан жолун, жашаган жериндеги өзгөчөлүгүн бизге калтырган кенчтеринен, акыл-насааттарынан, эл арасында айтылган учкул сөздөрдөн, макал-лакаптардан билебиз. Анын түйүнүн чечип, жаштарга жеткирүү - биздин жоопту милдетибиз деп эсептейбиз. Элибиз бала төрөлгөндөн баштап, акыркы сапарга узатканга чейин ыр менен коштолгон жашоо кечирген улуулугу менен айырмаланат.

«Эненин бешик ыры – уул-кыздын өмүр жашоосунун башаты. Анда, эне сүтү да, эне тили да, ата-салты да, Ата Журту да, анын тарыхы да чөгөрүлгөн».

Мисалы, Лейлек районунун Катыраң айлында 1931-жылы туулган Кулмурзаева Даана Аскаровнанын айтуусундагы бешик ырына көңүл бурсак:

*«Бешик боосу бек болсун,*
*Элинен чыккан бек болсун.*
*Ата-эненин жанига жолдош болсун,*
*Ырыскы-наспелүү болсун.*
*Атагы ааламды жарган жаш жигит болсун,*
*Ата-энеси менен, узун өмүрү менен,*
*Башыга балбылдаган бакыт консун.*
*Кийтиден укалари көп болсун,*
*Чуркулдашып жүрө берсин».*

Жогорудагы бешик ырында эненин балага болгон тилек-ниети айтылып, бата берүү салты башкы орунга чыгып, баланын келечегине ишеним, жолунун жарык болушуна ак ойлор айтылган. Бул ырлар энелердин жүрөгүнөн жаралган, балага арналган ак тилек болгон соң, кимге кандай болбосун жагымдуу маанай жаратып, баланын кулагынан жүрөгүнө жетери анык. Чынында эле, бешик ырын угуп чоңойгон баланын угуусу, туюусу, сезүүсү жогору болгон жана жакшы уктаган. Демек, бешик ыры элибиздин адам тарбиялоодогу баалуу этнопедагогикасынын башаты. Мына ушундай ыр саптары ар бир үйдө ырдалуусу зарыл.

Адамдар өздөрүнүн жүрүм-турумунда, баскан-турганында, сүйлөгөн сөзүндө, бири-бирине жасаган мамилесинде жакшылыкты көздөп, бардык жаман сапаттардан арылууга аракет кылууга тийиш.

Сүлүктү шаарынын 1932-жылы туулган тургуну Убадат Саиткулованын айтуусундагы «Аялдар жөнүндө» деген ырын карап көрсөк:

*«Арпа менен буудайды,*
*Алыштырып айтайын.*
*Жакшы менен жаманды,*
*Салыштырып айтайын.*
*Жакшы катын белгиси -*
*Үйүнө мейман келгенде,*
*Казанда майы жыз деген,*
*“Колуңуз жууң сиз”, - деген.*
*Жаман катын белгиси -*
*Саар менен турганда,*
*Салынып калат кабагы.*
*Жаман катын белгиси -*
*Галдырак кылат терини.*
*Көңтөрмөнү көп кылып,*
*Гарыздар кылат эрини.*
*Жакшы катын белгиси -*
*Булгаары кылат терини,*
*Мырза кылат эрини».*

Жогорудагы ыр саптары жаштарыбызга үлгү болорлук таасир берет. Анткени, жаман аялдын терс сапаттары эл алдында ашкереленгени - тарбия жактан жардылыгын айгинелеп турат. Кыргыз эли илгертеден адамдарды жан дили менен сыйлап-урматтоого жөндөмдүү, нравалык жактан таза эл экендигин эскертүү менен, жаман аялдын мүнөзүндөгү сапаттарды жектейт, мындай жүрүм-турумдан оолак болууга тарбиялайт. Өзгөчө жаштарыбызды жакшы менен жаманды, өмүр менен өлүмдү, ак менен караны, бар менен жокту, кубанычменен кайгыны ажырата билүүгө тарбиялоо - элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири орун алган. Ким өз өмүрүндө жакшылыкты бийик тутпаса, анда, ал жаман жолго түшөт. Андайларга Теңир ырайым кылбайт деген сыяктуу көрөңгөлүү ойду көңүлдө кыттай уютушкан. Негизинен, элдик педагогикада улуу даанышман адамдар тарабынан үй-бүлөнүн ынтымагы, элдердин бекем достугу үчүн эл-журтту кеп-сөзгө калтырган адамдарга акыл-насаат айтылып келген.

Жашоо-турмуш жалаң эле жакшылыктардан, бактылуу учурлардан, оюн-күлкүлөрдөн турбашы белгилүү. Элдин тарых-таржымалында, же жеке адамдын тагдырында кайгылуу учурлар, оор күндөр кездешпей койбойт.

Мисалы, Лейлек районуна караштуу Сумбула айлында 1928-жылы туулган Турдубай Абдурахмановдун айтуусундагы «Өмүр» деген ырында:

*«Кайран өмүр өткөндө,*
*Кайрылбай алыс кеткенде,*
*Кайгырып ырдап жүрөмүн,*
*Капалар болгон кездерде».*

1944-жылы Сүлүктү шаарында туулган Баабек Закировдун «Энеси жок баланын арманы» деген ырында:

*«Ушунчалык тагдыр кыйнайбы,*
*Энеси жок жетимди.*
*Кыйналып кышты чыгардым,*
*Жаш менен жууп бетимди.*
*Эмгектендим талыкпай,*
*Түрүнүп алып билекти.*
*Ыклас кылып жүрөмүн,*
*Берер деп Кудай тилекти»,* – деп

жаштарыбыздын турмушу, жашоо, өмүр, өлүм жөнүндө кенен түшүнүктө болуусун түшүндүрүп жатат.

Баабек атабыздын дагы бир «Агамды эскерип» деген ырында:

*«Эч кандай айла таба албай,*
*Кармалап колу-башыңды,*
*Тагдырга айла жок экен,*
*Узаттык сиздей асылды.*
*Ажырап калдым айла жок,*
*Агызып көздөн жашымды»,* – дейт.

Демек, жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгү болгон өмүрдүн өтөрү, ар бир адамга акыры ажал келери жөнүндөгү түшүнүк жогорудагы ырды окуган балдардын аң-сезиминде калыптанат.

1929-жылы Лейлек районунун Маргун айлында туулган Ачилова Умсунай энебиздин «Энесинин баласына айткан кошогунда»:

*«Тоо башына сыдырган,*
*Куш буудайык дейт эдем.*
*Сага келген балаани,*
*Мага ылайык дейт эдем.*
*Чырагым өчүп түн болду,*
*Эң эле кыйын күн болду»,* – деп

келбеске кеткен адам тууралуу салыштыруу иретинде анын адамдык сапаттары коштолуп ырдалат.

Кошоктор – жакыны каза болгондо, ошол орду толгус жоготууга кайгырып, маркумду жоктоп, анын асыл сапаттарын өзгөчө белгилеп, атайын кайгылуу обон коштолуп ырдалуучу лирикалык маанайдагы оозеки чыгармалар. Мындай чыгармаларды, негизинен, аялдар аткарып келишкен. Жогоруда ички кайгыны чагылдырган, жеке адамдын өлүмү менен байланышкан кошоктор адам өмүрүн жамандык да коштоп жүрөрүн, жакын адамга болгон ысык мамилени, өлүмгө айласыздан баш ийүүнү, адам өлгөндө артында айтылуучу инсандык сапаттар жөнүндө кошоктор аркылуу да таанып-билишкен. Аны уккан жаштарыбыз бул жашоодо өзү, туугандарга, Мекенге кызмат кылуу зарыл экендигин сезип, үлгүлүү адам болууга аракеттенет.

Элибиз батага өзгөчө маани берип келген жана аны азыр да салттуу түрдө улантып келет. Бата - элдик педагогиканын эң ырыскылуу дөөлөттөрүнүн бири.

Мына ушундай баталарды айткан, Лейлек районунун Селкен айлында 1935-жылы туулган Гаипова Сановар апанын ыраазычылык баталарына көңүл бурсак:

*«Куру сайыңа суу аксын,*
*Элиңе ишиң жаксын.*
*Узун өмүр жол берсин,*
*Бала-чака башыңа.*
*Манастай билектүү бол,*
*Каныкейдей тилектүү бол.*
*Алмамбеттей улуу бол,*
*Айчүрөктөй сулуу бол».*

Мына ушундай баталар миңдеген варианттарда айтылган. Мындай баталар адамдардын оң жолдо жүрүүсүнө, балдардын туура тарбия алуусуна чоң таасирин тийгизет. Ошондуктан айрым балдар тууралуу: «Бул бала батадан бүткөн», - деп айтышат.

Демек, адам адам болуп жарык дүйнөгө келгенден тартып, көзү өткөнчө тарбиянын кучагында болот, өмүр бою үйрөнөт, тарбияланат, өзүн-өзү калыптандырат. Ошондуктан элибиз бекеринен: «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет», - дешпейт. Элдик оозеки чыгармалардын тарбия берүүчүлүк мааниси - анын балага өзүнүн жашап жаткан элин таанып-билүүнүн бир каражаты экенин жаңылбайбыз.

Бүгүнкү күндө элдик оозеки чыгармаларда анын тарбия берүүчүлүк, таанытуучулук жагына максаттуу көңүл коюп, анын пайдалуу жактарын ар бир инсандын аң-сезимине жеткирүү чоң маанигe ээ.

Демек, эл оозунан уккан не бир керемет рухий дөөлөтүбүз болгон элдик чыгармаларыбыз - улуу адамдарды урматтап-сыйлоо, элпек болуу, улуулардан ийменүү, ыйман, адеп, сый-урмат, ызаат, ыйбаа, тартынуу өңдөнгөн адам мүнөзүндөгү касиет-сапаттарды, жалпысынан тарбиянын ажырагыс бөлүгүн түзөрү белгилүү. Ошондуктан, элдик оозеки чыгармалардын таалим-тарбиялык мазмунуна көңүл бурсак, жаштарыбызды ар тараптуу тарбиялоодо, инсан катары калыптандырууда, кебин өстүрүүдө жакшы натыйжа берет деген ойдобуз.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Кырдагы от (Нарк куржундан)



Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ

Эски доордо казактардын найман уруусунан чыккан хан Кабатай дүйнө салып, ордуна Есенкара деген он беш жашар уулу хан болот. Бактысын башына гана эмес, бутуна да жаздап чоңойгон ханзаада каардуу, кески, орой чыгат. Күндөрдүн биринде дүрбү салып отуруп аймагынан алда канча төмөндө өтүп бара жаткан эки жигитти жөкөрлөрүнө карматып келип: "Салам айтпадыңар!" - деп каарын төгөт.

– Ханым, кыргыз досум келген экен, казактын бар сыйын көргөзүп, узатып баратам дегенде:

Мейман экен, кыргыздын башы азат, а сен болсо салам айтып астыма келбей, аймагымдын салыгын бербей, далыңы салып баратканың үчүн тоонун кырына таң аткыча байланасың, тоңуп өлбөй тирүү калсаң кутулдуң" - деп, алпарып жалаңкат кийимчен байлатып салат. Кыштын суугу кылычтай жанга өтүп тоңо баштаганда маңдайкы кырдан жалындап от күйөт. Суук күчөгөн сайын, оттун да жалыны ай чапчыйт. От жаккан кыргыз досу экенин сезген казак кадимкидей жылуу табын сезип, досунун мээрими жүрөккө жетип, эсен-соо таң атканда хандын астына жеткирилет. Айран таң болуп: "Кантип тирүү калдың?" - деген хандын суроосуна: "Каарыңдан коркуп, мени таштап качпай, маңдайкы кырга улуу от жагып, мени тоңдурбай сактап калды"- дегенде, ДОСТУККА БЕКЕМ КЫРГЫЗДЫН КЕРЕМЕТИНЕ, КЫШТАН ДА КҮЧТҮҮ МАМИЛЕНИН ДАРЕМЕТИНЕ ийиле түшкөн хандын каары жанып, алдыларына алтымыш жылкыны салып, эки досту өзү узаткан экен...

*Окуя баяндын наркы:

Кыргызда: "Коңшудан өлүп кутуласың, же көчүп кутуласың", - деген сөз бар. Ошондон улам "Кудай кошкон кошуна", - деп айтылат. Учурда, өлкөбүз Орто Азияда таасирлүү өлкөгө айланып, достук саясатыбыздын ийгилигине итибиз да сүйүнүп турган мезгил!!! Достукка негизделген кошуналык мамиле бекем болору шексиз.

**УҢГУЖОЛДОН ЧЫКПАЙЛЫ! УЛУТТУ КӨТӨРӨЛҮ!**

# Өстүрчү касиетке да, кыйратуучу күчкө да эгедер - тил тууралуу айтымдар

**Шаакан ТОКТОГУЛ**

## Тизгин жаяр

Тил – даам билүүчү дене мүчөсү болуу менен катар сүйлөө каражаты эмеспи. Бир кишиге, ошол эле убакта жалпы улутка таандык баалуулук, өзгөчөлүк тура. Ошол баалуулуктун бараандуу жагын тил боюнча адистер даңазалаар, мен тилге байланыштуу кызыктуу айтымдар, түшүнүктөр тууралуу кеп салдым.

## Тилек

Кишинин өзүнө, жакындарына, же эли-журтуна болгон жакшы оюнун сөзгө жалганып айтылышы. "Тил" жана "эк" деген эки сөздөн туруп "тил" менен "эгүү" деген түшүнүктү берет. Андан сырткары, тилдин жакшылыкты эгип жетилте турган сыйкыр дараметин да ачып берет. Тилдин жакшылыкты өстүрүүчү касиети бар экен. Анткени, тилектер ишке ашат эмеспи. Ошондуктан, кыргыз: "Жакшы тилек – жарым ырыс", - дейт тура.

## Тилдөө

Кишинин бирөөгө карата болгон ачуусунун ойго, ойдон сөзгө жалганып айтылышы. Орой, ачуу сөз. Алгач, бир кишинин ички дүйнөсүндө чыңалуунун негизинде пайда болуп, анан башка кишиге шилтенген терс энергия. Демек, тилдөө – тилдин кара күчү. Аны уккан кишинин маанайы бузулат, алгач, ызаланып, анан ачууланат, капа болот. Ошол ачууланган кезинде ал дагы бирөөнү тилдеп салышы мүмкүн. Ошондо тилдин кыйратуучу да дарамети бар экен. Андан этият болмогубуз зарыл тура.

## Тили тийүү

Бирөө менен уруша кеткенде ага карата ачуунун сөз менен берилиши. Ал сөздө айтылып жаткан кишинин кемчиликтери эске алынат. Бул да өз кезегинде капачылыкты алып келет. Таяк тийип кеткен сымал тилдин да тийип кетмейи бар экен да. Ошондуктан, тил ээлери өз тилине абай салып, жөндөп турмагы эп экен го.

## Тили кычышуу

Ырас, сүйлөсүн деп берген соң, ал да өз кызматын кылмакка дилгир тура. Коомдо өзүң көргөн көрүнүшкө же жагдайга карата сөз сүйлөнүп кетсе, угуп турган сенин да тилиң кычышып, сүйлөйүн-сүйлөйүн деп обдулуп сөз айтып да жибермеги бар.

## Тили чыгуу

Наристенин алгач өз оюн сөзгө жалгап айта баштаашы. Бала бир жаштан өтүп калганда көргөн-билгендин баары "тили чыктыбы" деп сурайт.

Жаңы келген келин да наристедей эле башка үйгө келип, аралашып жаңы жашоо баштайт эмеспи. Адеп келгенде көп сүйлөбөйт. Анткени, бат аралашып кете албайт да. Бара-бара аз-аздан элге аралашат. Анан жүрө каяша да айтып, өз таламын талашканга жарай баштайт. Келиндин ошол учурун "тили чыгып калды" деп тамаша иретинде айтып калышат.

## Тили узаруу

Тажаалданып, көп урушуп калган кишиге карата айтылат. Тили узарып кеткен киши тилдин оң сыйкырына ээ боло албай, тилдин кара күчүнө алдырып жиберет. Оозунан оң сөз чыкпайт. Элдин баарына тили тиет. Ошондон улам элестүү - тили узарып кетти деп коюшкан.

## Тилинен табуу

Жогоруда айткандай, тил – чоң күчкө ээ. Анын оң жана терс кубаты каякты көздөсөң ошого жетелейт. Өзүңө, башкаларга жакшы тилек айтып, оң сүйлөп турсаң тилектин күчү жашооңду жарык, жакшы кылат. Анын терс кубатына алдырып, тилденип, тилиң узарып кете турган болсо, анда айланаңды ачуулуулар каптап, тирилигиңден береке учат. Андайда кыргыз: "Тилинен тапты", - дейт. Жөнү жок кесирленип тилденгенди "тилиңден тап" деп койгону ошондон...

## Тилин табуу

Ар бир кишинин табиятына ылайык жүрөгүнө жага турган сөздөрдү сүйлөп, орундуу сөзгө муютуу. Мурун баарлашуунун чеберчилиги катары бааланса, азыр, өкүнүчтүүсү, пайда табуу амалына айланды. Деген менен ар кимдин тилин таап, көңүлүн алып жашоого баарыбыз умтулсак, уруш-талаш да болмок эместир.

## Тилде сөөк жок

Бул өз кезегинде тилдин туруксуз экенин айтат. Анын да жаңылыштыгы барын ачыктайт. Албетте, жаңылыш сүйлөп алуу баарында бар. Ошону моюндап, "Тилде сөөк жок тура", - деп кайсы бир деңгээлде өзүн актоо иретинде колдонулат.

## Тилден жаңылуу, жыгылуу

"Буттан жаңылган – турат, тилден жаңылган – турбайт", - дешет. Анткени, тил – кишинин мөөрү. Ал чындыкты сүйлөөгө милдеттүү. Ошондуктан, өз тилине жоопкерчилик ала билүү баарыбызга милдет.

## Тишиң тилиңе күбө

Тилдин чындыгына ынануу. Анткени "Тилде сөөк жок", туруктуулугуна күмөнүм бар дегенде, тишиң күбө болсун деп чындыкка ынануу.

## Тилмеч

Бир тилден башка тилге которуп берген киши. Бир нече тил билген киши, канча тил билсең, ошончо жансың, "Тил билген – дил билет," - деп айтылып келет. Айрыкча, дүйнө бир айыл болуп турган ушул учурда башка тилдерди да үйрөнүп, кошо ала жүрүү абдан маанилүү.

## Тилмер

Тилмерлик – дилдегини айттырбай туюнуу, телепатия. Тилдин өсүүдөгү жогорку баскычы. Ага киши аракет менен эмес, ааламга ачылуу аркылуу жетет. Кишинин эле тилмери эмес, куштун да тилмерлери жашап өткөн, эми болсо, үндөшпөй эле сүйлөшүп жатып бири-бирибизди түшүнө албай кетмейибиз бар.

**Өз тилибизге дыкат болуп, анын оң касиетин өзүбүз үчүн, эл-журтубуз үчүн иштетели. Бири-бирибизге тил тийгизүүдөн сак бололу. Тил үйрөнүп, аалам алаканда турган жашоодо көп тил билели. Өз кыргыз тилибизди жетик түшүнүп, барктайлы. Анан да тилмерликти ойготуу үчүн жан дүйнөбүздү аруулап, аң-сезимдик өсүүгө умтулалы!**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК РЕФОРМАСЫ ТАЛАС РАЙОНУНУН КАРАКОЛ, ШУМКАР-УЯ АЙЫЛ ӨКМӨТТӨРҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Н.Т. Баястанова, магистрант**
**Г.А. Нурматова, педагогика илимдерини кандидаты, доцент, Жусуп Баласагын атындагы КУУ**

Кыргыз Республикасынын жарандарынын бакубаттыгын арттырууга жана өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө багытталган "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы" мамлекеттин "эч кимди артта калтырбоо" принцибинин негизинде өлкөдө, региондордо жана дүйнөдө болгон өзгөртүүлөрдү эске алуу менен андан аркы өнүгүүнүн жаңы көз карашын түзүүдө турат.

Өнүктүрүүнүн улуттук программасында аныкталган 7 принциптин бири – "Күчтүү жана көз карандысыз региондорду түзүү, административдик-аймактык түзүлүштү өркүндөтүү, учурдагы реалдуулукка, коомдун керектөөлөрүнө жана келечектеги чакырыктарга ылайык келген башкаруунун жаңы системасын түзүү боюнча милдеттерди чечүүгө багытталган. Аталган принципти ишке ашыруу максатында, 2023-жылдын 29-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" № 370 Жарлыгы кабыл алынган. Административдик-аймактык реформадан кийин 452 айыл аймагынын 217си кыскарып, чектери чоңойтулган 235 айыл аймагы пайда болду. 2024-жылдын 29-февраль күнү Президентибиздин "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" №370 Жарлыгынын, республика боюнча жүрүп жаткан реформанын алкагында Талас облусуна караштуу Талас районундагы Айдаралиев, Арал жана Кууганды айыл аймактарын бириктирип, Арал айылын административдик борбор деп аныктоо менен, Каракол айыл аймагы жана айылдык кеңеши уюшулду.

**Реформанын ишке ашырылышы оң жана терс натыйжалардын пайда болушуна алып келди. Оң жактарын мисалга алсак:**

**Бюрократияны кыскартуу:** Административдик бирдиктерди консолидациялоо жана мамлекеттик кызматкерлердин санын кыскартуу - башкаруунун ортоңку баскычтарынын санын кыскартууга мүмкүндүк берди, бул бюрократиялык тоскоолдуктарды кыскартты жана чечимдерди кабыл алуу процесстерин тездетти.

**Мамлекеттик каражаттарды үнөмдөө:** Мамлекеттик кызматкерлердин санын кыскартуу жана башкаруу структурасын жөнөкөйлөтүү менен административдик чыгымдарды кыскартууга жетише алды. Бул каражаттарды айыл аймак үчүн керектүү, социалдык маанилүү тармактарга колдонуу мүмкүнчүлүгүн жаратты.

Чындыгында аймактарды ирилештирүү боюнча бир канча жылдан бери сунуштар көтөрүлүп келгени менен, реформага жергиликтүү калк жана жергиликтүү бийлик даяр эместиги бир катар терс кесепеттерге алып келди. Анын ичинде:

- Административдик бирдиктердин биригүүсү, өзгөчө жергиликтүү лидерлердин жана өзүн-өзү башкаруунун таасири жоголгон аймактарда наразычылыктар жаралды. Жогоруда айтылгандай, жергиликтүү тургундардын наразычылыгы жана каршылыгы реформаны ишке ашыруу процессин татаалдаштырып, жаңы административдик системага өтүүнү жайлаткан.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун адаптациялanышындагы кыйынчылыктар: Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, өзгөчө кыйын жетүүчү айылдарда ыйгарым укуктарды аймактык ирилештирүү жана кайра бөлүштүрүү менен байланышкан өзгөрүүлөргө дайыма эле даяр болгон эмес.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№4 (314)
29 04 2025
kyrgyztili@mail.ru





**Айнакан Алмазбек кызы** 1996-жылы 25-январда Нарын районуна караштуу Ак-Талаа айылында туулган. Кесиби боюнча мугалим. 6 жыл окуучуларга билим берип, 2024-жылдын ноябрь айынан тарта Тогуз-Торо районунун Атай айылдык китепканасында эмгектенет. Ыр жазууга бала кезден кызыгып, мектептеги жаш калемгерлер арасында өткөрүлгөн, ошондой эле, райондук деңгээлдеги сынактарга катышып, байгелүү орундарга ээ болгон.

## Өлбөс-өчпөс Алыкул

*Таланты да, тагдыры да бөлөкчө,*
*Ар жараткан ар бир ыры өзгөчө.*
*Ырларында сүйүү, жаштык, Ата Журт,*
*Залкар адам жарык көргөн көктөмдө.*

*Уул жаралып адабият айдыңда,*
*Улуу-кичүү эргүү алып талпына,*
*Угарманды жакшы жакка жетелейт,*
*Уңгу берип өйдөлөнчү адамга.*

*Бирок тагдыр сүйүүдөн бак айтпады,*
*Айдай кызы башка жанга байланды.*
*Күтчү анан үй-бүлөңү, үй-жайды,*
*Зейнеп дагы көп жанында калбады.*

*Кайран өмүр, кайран жаштык деминде,*
*Бир жарк этип 35 жыл кеминде*
*Өмүр сүрүп, өлбөс эмгек калтырып,*
*Өттү бир жан туяк калбай ээрчиме.*

*Аз жашады, оролушкан ыр дүйнө*
*Тар болдубу, ал акынга бул дүйнө?*
*Күрс-күрс жөтөл коштоо менен баратты,*
*Оо дүйнөгө Жыпар күткөн үйүнө.*

## Атам менин айтып бүтпөс дастаным!

*Атам менин аска-тоом, тирегим,*
*Сен бар үчүн бул дүйнөдө жүрөмүн.*
*Апам экөөң бул жарыкка ыроолоп,*
*Мени "адам" болуу үчүн үндөдүң.*

*Атам менин асылымсың, жыргалым,*
*Караңгыда жол көрсөтчү чырагым.*
*Керек болсо ойлонбостон бир саамга,*
*Болор элем бир сен үчүн курманың.*

*Атам менин агып жаткан канымсың,*
*Опол тоодой таянарым, багымсың.*
*Чоң бактытан көздөрүмдөн жаш тамса,*
*Мөлтүр аккан тунук менин жашымсың.*

*Атам менин көрүп жаткан карегим,*
*Сизди көргөн бактым тоодой бар менин.*
*Бизди өстүрдүң, эрезеге жеткирип,*
*Баалаймын мен бизге кылган эмгегиң.*

*Атам менин айкөл туткан адамым,*
*Болсо экен сага окшош балдарым.*
*Канча сизди оозго алып айтсам да,*
*Атам менин айтып бүтпөс дастаным!*

## Маданият

*Өнүгүүгө адамзат чыйыр салган,*
*Өнүп-өсүп өлкөдө тамыр жайган.*
*Жан дүйнөдөн башталып түзөлүүгө,*
*Үйрөнүшкөн үлгү алып маданияттан.*

*Карап көрсөк, маданияттын тамыры көп,*
*Ички-тышкы жүрүм-турум үлгүгө төп.*
*Учурашуу адебинен кадам таштап,*
*Ыр-бий, чоорчу, адабияттан нары өйдөлөп.*

*Балалык кез, анда эми эс кирген чак,*
*Элес-булас баарын даана эстебейм так.*
*Бирок эсте сыналгы атам көргөн,*
*Эже-сиңди беш көкүл чачын өргөн.*

*Биз көрчү элек "Ача-Жими", "Жеки Чан",*
*Энем көрчү Өзүбеков "Гүлдөй жан".*
*Анда болчу телелерде "Кожожаш",*
*Радиодо жаңырууучу "Он сегиз жаш".*

*Курак келип биз мектепти аттадык,*
*Окуу менен маданиятты баштадык.*
*Мугалимим Дүйшөн сымал жетелеп,*
*Билим берди экинчи ата-эне атанып.*

*Мурас калган "Манас", "Семетей", "Эр Төштүк",*
*Барпы акын, Токтогулдай төкмөлүк,*
*Мугалимим баарын таамай үйрөттү,*
*Кең ааламды көз алдыма көргөзүп.*

*Биз чоңойдук, заман дагы жаңыланды,*
*Маданияттын кадамдары арылады.*
*Кино дүйнө, илим дүйнө, ыр дүйнө,*
*Агым менен бирге акты бул дүйнө.*

*Ээ, кыргызым, маданият менен баркың бар.*
*Өзгө элден өзгөчөрөөк даңкың бар.*
*Чимирилген ак куу сымал кыздарың,*
*Чолпонбайдай жигиттерде мартың бар.*

*Эгер болсок маданиятсыз кууракан,*
*Тарыхы жок, максаты жок ураган.*
*Жүрмөкпүз да нары ээрчип, бери ээрчип,*
*Чоочун элди, чылбыр кармап улаган.*

*Ошондуктан, маданиятты барктайлы,*
*Муундан-муунга мурас кылып даңктайлы.*
*Мунусун да, анысын да бир калчап,*
*Бизге берген ата-бабама ырахмат!*

## Улуу тил

*Аалам кезип Ала-Тоого келген тил,*
*Убакытты кылым санап жеңген тил.*
*Кыйынчылык, алаамат күн болсо да,*
*Бизге чейин бабам Манас берген тил.*

*Тарыхы бар нечендеген улуу тил,*
*Таамай сүйлөөр кылычтан курч миздүү тил.*
*«Апакелеп» тай-тай баскан бөбөктөр,*
*Таттуу дагы, жакшынакай сулуу тил.*

*Кыргыз сүйлөп коомдук жайда орусча,*
*Кыйынсынып туруу анын оюнда.*
*А болбосо, кыргыз тилин тебелеп,*
*Кыргыз тилдин улуулугун жоюуда.*

*Суроо берсең орусчалап коздошуп,*
*Жооп беришет, ойсоңдошуп, оңдошуп.*
*Орус тилин суудай билип койгонсуп,*
*Кыргыз эмес, атасы орус болгонсуп.*

*Паспортунда «кыргыз» деген жазуу бар,*
*Сыяктуудай ал жөнөкөй жазуулар.*
*Унуткарып кыргыз жаран экенин,*
*Жүргөндөр көп билермандар, баштуулар.*

*Жарнак илген, кыргыз тилин бурмалай,*
*Толуп жатат чоң жолдордо байма-бай.*
*Жаза албаса кыргыз тилде тагыраак,*
*Койсунчу илбей, эне тилди булгабай.*

*Кыргыз тилин ураан салып айткандар,*
*Кээси жалган ооз учунда жар салар.*
*Ары чыгып кийин алып таз кейпин,*
*Жөн эле кур көкүрөгүн каккан бар.*

*Мекен тилин калтырбастан унутка,*
*Сүйлөгүнүң, пайдаң тийсин улутка.*
*Бир тил эмес, жетимиш тил билсең да,*
*Кыргызсың сен, бабаң Манас, унутпа!*



## УРМАТТУУ ДИЛДЕ ЖУСУПОВНА!

Сизди 22-апрель туулган күнүңүз менен чын дилден куттуктайбыз!

Сиз Кыргыз энциклопедиясы үчүн өз билимиңизди, кырчын жаштыгыңызды, ак эмгегиңизди арнадыңыз. Бул мекемеде көп жылдан бери үзгүлтүксүз эмгектенип, тажрыйбалуу, мыкты адис катары көптөгөн энциклопедиялык басылмаларды, сөздүктөрдү, ошондой эле, бир нече аймактык жана илимий тармактык басылмаларды жана балдар энциклопедияларын даярдоо менен бирге мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө чоң салым кошуп келесиз. Сиздин кесипкөйлүгүңүз, ишке берилгендик менен жасаган эмгектериңиз жаштарга да үлгү болууда. Биз, Сизге ак дилден алкыш айтабыз! 75 жылдык кутман курагыңыз куттуу болсун! Сизге бекем ден соолук жана бакубат жашоо каалайбыз!

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун жалпы жамааты.**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№4 (314)

29 04 2025

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 34 СОМ

**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Орозалы Жапар уулу 0(700) 93 25 03

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381 Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:** 720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/2
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил. "Берекет" БИК 121008 р/с 1212000300007078 ОК ПО 24637707 ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 193
**Нускасы:** 3 210